

КАДЫР АБАКИРОВ

# БАБАЛАРДЫН БАЯНЫ

2 - КИТЕП

6+

Кадыр Абакиров

# Бабалардын баяны 2

«ЛитРес: Самиздат»
2018

**Абакиров К.**

Бабалардын баяны 2 / К. Абакиров — «ЛитРес: Самиздат», 2018

Акын, жазуучу К. Абакиров бул китеби аркылуу байыркы ата-бабаларынын санжырасын кызыктуу түрдө баяндап бере алган. Анда Ырыскандан тартып, Чынгыз хан доору, Тагай бий, Төрөкочкор, Беккулу, Бүтөбай, Щоңко,Уралы, Баястан аталардын баянын кеңири түрдө жазып бере алган. Китеп ары кызыктуу, окуялуу келип, балдардын тили менен назик жазылган. Чыгарманы окуп байыркы ата-бабанын санжырасын көп жерин иликтеп билип алса болот. Автордур жомоктору, ырлары, афоризм китеби миңдеген нуска менен жарык көргөн.

© Абакиров К., 2018
© ЛитРес: Самиздат, 2018

# Содержание

БАБАЛАРДЫН ЖАҢЫРЫГЫ 22
ДОЛОН БИЙДИН ҮЧ УУЛУ 48
ТАГАЙ БИЙ 55
Конец ознакомительного фрагмента. 71

# Кадыр Абакиров
# Бабалардын баяны 2

## БУЛ КИТЕП ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Өзүңүн жазган китебиң жөнүндө сөз жазуу өтө оор. Эмнеден баштарыңы билбейсиң. Бирок китебиң чыгып жаткандан кийин баяндама сөз да болуу керек эмеспи. Китеп кантип жазылды, эмне үчүн жарыкка чыгыш керек, ал китеп кимге керек? Жана башка суроолор туулушу мүмкүн. Көп эле китепти окугам алардын баяндама сөзүн башка бирөөлөр жазып беришкен эле. Окуучулар ал китепти окуш үчүн чылгый мактоолор менен коштолуп жүрүп отурат. Окуган адамга кандайдыр бир рухий дух бериш керек. Сени кайратка, бөлөп, жан-дүйнөңү көкөлөтүп бийик абалда алып жүрүш зарыл окшойт. Ошондо сенин жазган чыгармаңын ийгиликтүү болгону, мээнетиңдин кайтканы билинип турат. Бирок бир нерсе бар. Ал окуучунун окуучулук табитине, деңгелине байланыштуу болот. Мисалы үчүн баардык эле окуучулар улуу акын, жазуучуларыбыздын чыгармаларын толук түшүнөт деген ойдон алысмын. Мисалы жогорку филология окуу жайын бүткөргөндөр А. Осмоновдун же Ч. Айтматовдун, Ф. Достоевскийдин чыгармаларын толук жеткиликтүү түрдө түшүнөт деген ойду ойлогум келбейт. Алардын чыгармасын түшүнүш үчүн окуучулук бийиктик деңгеел билим керек. Баардык эле окуучулар Алыкулдун ырларын толук түшүнө берет деген такилипти айта албайм. Анын ырларынан ар бир окуучу ар башкача эргүү алат. Мен бул жерде окуучунун чыгармачылык даремети жөнүндө сөз козгодум. Анын даремети канчалык жогору болсо, окуган чыгарманын ошончолук сиңимдүү сынчыл көз караште болоору талашсыз нерсе. Көп адамдар карандай турмуш менен алектенип жүрүп китеп окууну таштады, Ал адамда эч бир окуучулук бийиктик болбойт. Өмүрүндө карандай турмуш менен алышып жүрүп, бир китеп окубаган адамдар толуп эле жатат. Аларда кайдагы окуучулук сыпат, битийиктик болмок эле.

Эми кепти бул китеп жөнүндө айтайын. Биз совет учурунда төрөлүп ошонун тарбиясынын негизинде чоңойдук. Ал учурда ата -бабанын санжырасы, же ислам дини жөнүндө эч бир түшүнүгүбүз болгон эмес. «Дин бул- адамдын башын айланткан апийим» деген таризде чоңойдук. Же болбосо ислам дининин төгүнгө чыгарган атеизим деген окуу болгон. Совет доору урады. Ата бабанын санжырасы кайтып келди.Мурун санжыра ацткан кишилерди өзүмчүл адам дечүбүз. . Ал эми куран окуп, намаз кармаган адамда түшүнүгү жок эски адамдар деп эсептеер элек. Чындыгында андай деле эмес экен. Ата бабанын санжырасын билип алсаң, ал деле сага жаман болбойт тура. Ислам дини менен жүрсөң тарбияң жакшы болуп, жаман ишке барбайт экенсиң. Бул жерде мен эмне үчүн санжыра керектигин кыскача баяндадым.

Эми мен тее береги 1990-1992 жылдардын тегерегинде кол жазма менен айылдаштарыма эки китеп тараткам, экөө тең ыр китеп эле. Айрым жердештер аны окуган чыгаар. Кээ бир жазуучулар туулган жери жөнүндө чыгармаларында такыр кайрылбайт десе болот, алардын киндик каны тамган жери жөнүндө бир-эки эле ыры болот. Ошого туулган жер жөнүндө чыгарма жаздым деп каниет кылып, корстон болуп жүрө берет. Мен андай кылганым жок туулган жер жөнүндө төрт китеп жазайын дегем, буюрса үчөөн жазып бүттүм. Аларды кемчилдигин карап көрүп, оңдоп чыгара берсе болот. Ал китепти кээ бир адамдар окуптур. Ырахмат. Китеп болгондон кийин анын кемчилдиги болбой койбойт. Кандай чыгарма жакшы жаралат. Китеп жазган киши өтө көп окуган, окумал адам болуп, көп эмгектениш керек. Жашоо жөнүндө көз карашы болуп, ой жүгүртүүсү тунук, терең түгөнбөгөн мээнеткечтиги керек. Жөнөкөй адамдар сезе албаган нерселерди сезип турушу талап кылынат. Жалгыз эле кыргыз китептерин эмес, тиги жакта дүйнөлүк адабият турбайбы. Ошолор менен аябай терең тааныштыгың болушу абзел. Кыргыз адабиятын жаралгандан берки китептерди окуп чыгыш керек. Ошондон кийин гана кичинекей айылды төрт китеп кылып жаза аласың. Эгерде дүйнөлүк алабиятты билбесең

эки-үч ыр менен эле бүтүп калаарың бышык, ары жакта оргуган кенчиң болбосо эмнени жазмак элең. Түгөнбөгөн жазма өнөрүң болбосо, бир барак кагазды толтуруш деле азап болуп жатпайбы. Дагы бир маселе. Эми китеп кандай жазылды анын тагдыры ошол жактан чечилет. Бул эң эле жооптуу суроо. Мен кээ бир адамдар менен аңгемелештим алар айтты: « Бизди өтө аз жазыпсың, көп жазышың керек эле, тигил шоңколорду мактай берипсиң, андай болбойт. Бүтөбайларды макташың керек болчу, баланчаны эң эле аз жазыпсың, эмне үчүн китебиңди мага бербейсиң? Жана башка ушундай ойлор көп айтылды. Шоңко, уралы туугандарыбыз деле биздей адамдар, аларды деле мен көп мактаганым жок. Болгонун эле жаздым. Эми бүт баардык адамдарды мен кантип жазып чыгам, анда китеп болбой калган жатпайбы. Андай болушу мүмкүн эмес, балким кээ бир омоктуу адамдар жазылбай калгандыр аларды кошсок болот. Мен айылдаштарымы Акаев менен Бакиевдин азаптуу учурунда жаздым. Ал учурда адамдар айлы жөнүндө ыр жазуу эмес ачкалыктан курсагымы кантип тойгузуп тирүү калам деген абалда болчу. А мен ошол ачкалыкта ун жок, нан жок кезеңде кубануу менен жердештеримди ырга сала бердим. Биз ал кезде жарыбаган кичинекей маяна үчүн арак, ун, шекер, чай алып калганбыз мындай азаптуу абал бир канча жылдарга созулду. Ал кезде заман оңолбой эле оңкосунан кеткен учур болду. Акыры эки желмогузду өлкөдөн кууп чыгып, эми кичине заман оң жолго түшүп келатат. Ал кезде каражат жок айылга да баруу мен үчүн тозокко турду. Мындай кезде адам-адамды, тууган-тууганды карабай, байлыгы бар кишилерди айланчыктоо башынан эле келе жаткан көрүнүш эмеспи. Анан мен кантип ар бир кишиге китепти таратып берем. Дагы ошончо убактымы коротуп, машинкага басып бергениме ыраазы болсун. Ал китепти алган кишилерден же, окуган адамдардан деле эч бир кымындай жакшы сөз уккан жокмун. Бирөө дагы ырахмат айткан жок, кайра көөө албай аты калган жатат деп,текеберсинет.

Ар бир адам өзүнчө тарых, санжыра ошол үчүн колдон келишинче анча-мынча болсо да ошолордун образын берип, келечекке сактап калайын жердештерими ырга салайын деген эле ой.

Убакыт өтөт замандар жылып, адамдар картайып жок болот. Ошондо кийинки муун окуса деген эле ой турат. Мисалы биз мурунку адамдар жөнүндө эч нерсе билбейбиз, баарын унуттук, анан биз дагы ошондой болуп унутулуп калалыбы. Менин балалык күнүмдө элесиме сонун адамдар эске келет. Аларды биз таппай калдык, Бир жашап өттү, бүттү кетти. Кимдин ким болгону бизге белгисиз. Андай болбойт го. Чыгармада баардык адамдарды чылгый мактай берүү жарабаган иш, ага эч бир адам ишенбейт. Ар бир чыгармада тарбиялык маани-маңыз болуш керек, кийинки муун мурунку муундун жаңылыштыгын кайталабай жакшы адам болуш керек, ошол керек болуп жатпайбы. Мен чыгармада эч бир адамды жамандайын деген оюм болбоду, анын мага кереги да жок, болгону ирония, күлкү үчүн кичинеден чымчып өттүм. Ал эми кемчиликти айткан аты жок ырлар бар алар жалпыбызга сабак болот, ошол үчүн ошол кемчиликти кайталабай жакшы адам болушубуз керек болуп жатпайбы.

Ошондой эле китептин аяккы бетинде Беккулу атанын үч уулунун тукумдары жазылган тизме толугу менен киргизилди. Анда кемчиликтер бар кыргызда көч бара-бара түзөлөт деген асыл сөз бар эмеспи. Балким кээ бир адамдар тизмеге кирбей калган же туура эмес жазылган. Ошондой болсо да негизги тизме жазылды аны оңдоп алууга болот. Кимдир бирөө ошону оңдоп, толуктап, тууралап берсе гана. Анын атына ырахмат айтып, китепке киргизип коёт элек. Тизме эмес китеби жок, а деген санжырасы жок кыштактар толуп эле жатпайбы. Аларга жети атасын, жети атасын санжырасын билүү адамдык парзы эмес, аларга мындай ишти аткаруу кандай азап тозок. Муну бел байлаган киши гана аткара алат эмеспи. Ал эми китепти окуп алып, «мындай тигидей» деп айта берсе болот. Ал өтө жеңил. Жазганга караганда ооз эки сүйлөп сындаган алда канча жүз эсе оңой эмеспи. Керек болсо алар бул китептин кимге кереги бар эле деген ойду айтышы ыктымал.

Эми санжыраны окуу маселеси. Бизде деле кыркка чукулдап калган адамдар да жети атасын билбей жүргөндөр көп эле. Бар. Жети атасын сурай келгенде «биздин атабыз чымчык

эмес беле дейт. Баса Торгой ата бар эмеспи» дейт. Ал адам «Сенсиң менин торгоюум» деген ыр бар эмеспи. Ошону эстеп, ошондон ал ата-бабасынын атын эстеп жатат. Жети атасын чымчык аркылуу элестетип алган. Кээ бири айтат «Кара көйнөк биздин эченчи атабыз» дейт. Бизде кара көйнөк деген атабыз болгон эмес. Өзүнүн ата-теги жөнүндө эч бир түшүнүгү жок. Алардын жети атасын билүү, билбөө өз эрки өз маданияты, же билбесе билбей эле койсун. Бирок өтө улгайып калган адамдардын эсине жети атасын билүү парзы сөзсүз эсине келет. Ошол улгайып калган учурунда санжырага кызыга баштайт. «Мен ким элем, ким болдум?» деген ой туулат…

Эми экинчи китеп жөнүндө баян кылайын. Китеп Ырыскан атадан Беккулу атанын уулдарынын Көңдөй жерине көчүп келгендигин ыр менен баяндап бердим. Жаш келечек муундар ошол санжыраны да билиш керек. Ошол үчүн ал санжыра да.

Бул үч китептин жаралышына кызым **Жылдыз Абакированын** эмгеги аябай зор. Китепти баштан аяк редакциялап, уйкаштыгын келиштире көркөмдөп, толуктап оңдоп чыкты. Эгер анын эмгеги болбосо олдоксон уйкаштыгы жок бир китеп болуп калмак. Китептеги көп керексиз нерселерди такыр алып таштады. Ошондон кийин ушундай китеп жаралды. Ата: «**Сизде музыкалык слух такыр жок ошол үчүн ырларыңыздын уйкаштыгы өтө начар**» деп, мени уяткарып, аябай оңдоп кемелине келтирди. Мен ошондо уялып ыр жазбай эле койсом дегем. Бул китептерге дагы **Айгүл Жүзөнованын** эмгеги зор ал үч китепти карап кайра-кайра оңдоп чыкты. Ал: « **Олдоксон жазылган ырды эч ким окубасын**»– деди. Алардын эмгегин айта кетпесем болбойт. Ал эми баардык чыгармаларымды компьютерге басууда кичүү уулум **Автандил Абакировдун** эмгеги аябай зор болду. Эгерде ал болбосо, менин ишимиде кенедей жылыш болмок эмес. Анда ак кагазды карап жалдырап отура бермекмин. Ал бала кезинде жумуш иштеп, өзү кампьютер сатып алып, анан ишке киришкен. Менин чыгармаларымды жаза баштаган.

Муну жазыш үчүн көптөгөн санжыра китепти окуп чыктык. Баса үч китепти тең эчак эле тее илгери жазбадым беле андан бери канча замандар өттү. Андагы төрөлгөн балдар отузга чукулдап баратат.

Эми сөздү узарта бербейин калганын кийин сүйлөшө жатаарбыз. Баса бул китептеги жана өткөн китептеги кемчиликтерди айтып, же жазып берсеңер дурус болгон турат. Себеби ал кийинки чыккан чыгармада кайталанбаса болду.

Мен дагы эмнени айтайын дедим эле, мен улгайдым чачым ак чалды. Айлым үчүн Беккулу атанын тукуму үчүн колдон келе турган санжыраны жазып бердим. Алар ата-тегин билип, туулган жерин сүйүп, жашасын дедим. Колуман келген китептерди жазып бердим. Аларды көп китеп кылып чыгарыш өздөрүнүн эрки. Мен эч нерсе айта албайм. Санжырадан башка дагы менин көп иштерим бар: ырларым, жомокторум, поэмаларым, сатираларым, учкул сөздөрүм, мугалимдик чыгармаларым, достук тамашалар жана башка толуп-толуп жаткан эмгектерим. Кээ бир жерде мындай чыгармачыл кишилиерди эли колдойт экен бирок менин ага көзүм жетпейт. Анан тигил санжыраны чыгартып алыш алардын өз эрки. Ал болбосо, мен жазып берген машинка менен басылган кол китепти окуп жүрө беришсин. Менин тилегим ата-тегин билсе болду, андан башка нерсени деле каалабайм. Ал эми рухий маданиятын, байлыгын жогорулатуу ар бир адамдын өз иши.

**Беккулу атанын урпактарына арналат**
**АК БАТА САПТАРЫ**

Артыбызда калдайып
Тескей бийик тоо турат.
Алдыбызда бет жайып,
Атактуу күнгөй бу турат.

Үстүбүздө көрүнүп,
Төбөсү бийик көк турат.
Аяк жагы көшүлүп,
Төшү түктүү жер турат.
Эки тоонун ортосу,
Элетте пейпил жашаган,
Берешен жана бай келген,
Бек атадан тараган,
Көп учурду туррактап,
«Көнөчөк» айлы бу турат.
Ата баба арбагы,
Айдыңдуу элин коргосун!
Элинин пейли ток болуп,
Эгем өзү жылоолосун!
Маанайын бай жараткан,
Мал жаны бар болсун!
Кыртыштуу жерден чогулткан,
Кырманына дан толсун.
Сапырылтып бышканда,
Сабасында кымыз болсун.
Сайроонунда жарышып,
Сабалаган суу аксын.

Очок эне алоолонтуп,
Коломтодон от кетпесин.
Жолдошубуз кыдыр болуп,
Жолубуз ичкербесин.
Байгамбардын батасы,
Бай менен жалчыга,
Байымы болуп бир тийсин.
Чогултуп баккан койлорун,
Чолпон ата колдосун.
Камбар ата карышкырды,
Кабаланда жолотпосун.
Баба дыйкан, Жер Эне,
Ата турган таңды тоссун.
Ага- тууган арыздашпай,
Ар дайыма бар болсун.
Кыйын күндө оомат келип,
Кырсык капшап жолобосун.
Куу турмушка бир келдик,
Курсагыбыз ток болсун.
Кыдырып жүргөн көңдөйдү,
Кыдыр Алей Салам бар.
Жаралгандан ак үмүт,
Жар болуп жалгашаар.
Жаман ойлуу жоголсун,
Жакшылары көп болсун.
Урмат күтүп ата-эне,

Уул үйлөп, кыз чыгарсын.
Улууларын кадырлап,
Уул-кыздары сыйласын.
Эчен кылым келаткан,
Элинен бак тайбасын.
Айдыңдуу элде аты бар,
Арбактар тынч уктасын.
Арсыз бала жаралып,
Атага наалат кетпесин.
Кары-картаң чалдардын,
Каргышынан алыс кылсын.
Атадан жалгыз туяк бар,
Андан тукум улансын.
Энеден ырыс кетпесин,
Эңсеген ойго тез жетсин.
Атадан ыйман кетпесин,
Арбакты дайым эскерсин.
Жамандын капшабы,
Жаамы журтка тийбесин.
Жакшыны кудай колдосун,
Жашоодо аман бар болсун.
Арып ачуу жоголсун,
Ачка пенде болбосун.
Ак эмгек менен жашайлы,
Бирөөнү кор кылбайлы.
Карынын баркын сактайлы,
Жаштардан ыйбаа кылалы.
Бөтөн эл тынчты албасын,
Жергеме сук артпасын.
Бугу эненин арбагы,
Уул -кызына жол ачсын.
Торгой ата айдыңы,
Тополоңдо сактасын.
Беккулу ата арбагы,
Бекемиреек чеп болсун.
Үч атадан жаралган,
Көгөртүп бак сайган,
Көңдөйүбүз бар болсун!
Көөнөрбөй аман жашасын,
«Көнөчөк» эли дагы аман!
Түйшүккө салбай бу элди ,
Түбөлүккө бар болсун,
Түбү түктүү жер аман!
Жылдыздуу бу элди,
Жылган булут колдосун.
Көп үмүттү бул элди,
Көкө теңир коргосун!
Айлыбыз менен бир болуп,
Айдан аман чыгалы!

Жылдыздуу ойду жылоолоп,
Жылдан аман чыгалы!
Жараткан Кудайым,
Жалгамак сизден!
Кааданы күтүп,
Кабыл алмак бизден.
Оомийин!!!

***
Өмүр чиркин кыйма-чийме жол болот
Далай издер буйткаларда жоголот.
Жашоо безет, аны менен жол оошот,
Кеткен убак кайра бизге жолобойт.

Өмүр кайык толкундарга кезигип,
Өткөндөрдү эскергенге кез келип…
Баяндаган баскан жолун бабанын,
Бул китебим болуп калаар эстелик.

***
Сапар келип нени таптым жолумда,
Чирик дүйнө жыйыш үчүн келдимби.
Же болбосо бок курсакты тойгузуп,
Алкымды ачып күчтү үрөй бердимби.

Эмне кылдым, нени бердим өмүргө?
Өткөндү эстеп мурункуга кайрылам.
Аткардымбы калчу ишти көңүлгө,
Ал суроого жооп айта албай айбыгам.

***
Тоолордо түн. Караңгынын койнунан,
Толкуп-ташып күүсү угулат комуздун.
Акун ата чоң комузчу өттү эле,
Анын тапкан шаңгыр күүсү болбосун.

Комузчубуз черте берсин комузун,
Кылым күүсү биздерди жылоолойт.
Күүлөр, күүлөр бийиктикке оболойт,
Беккулу уулу андан баян козголот.

***
Жалгыз атчан жолочу,
Тешик Көлдө келатат.
Тепчип өтүп кыяны,

Темине атын камчылайт.
Жабыгып ырдап үн созуп,
Жамагын төгүп баратат.

Бу өмүрдүн өзүндө-
Ар бирибиз жолочу.
Жолду улап сапарлап,
Жомок таштап кетебиз.
Жол жүрүү оор экенин,
Жол нугунда сезебиз.

Арымдуу ушул жашоодо,
Ар бирибиз обончу.
Обого чыгып кайкыган,
Обон таштап кетебиз.
Айдыңдуу өмүр жаркыган,
Ар бирибиз комузчу.
Күн нурундай калкыган,
Күүнү таштап кетебиз.

Кайран өмүр бир келип,
Караанды учат калкылдап.
Жашообуз майда нерседей,
Бош кетпесин аңгырап.

Салт атчан жолочу,
Жар кыяда баратат.
Алдындагы боз жоргосун,
Ашыга улам камчылайт.

***

Эң биринчи өз атаң,
Андан кийин чоң атаң.
Баба деген үчүнчү ата,
Бул жагын сүрүп тактасаң.
Буба деген төртүнчү ата,
Муңая кепти баштасаң.
Муштум деген бешинчи ата,
Кубарың болот алтынчы ата.
Кубанып кепти тактасаң.
Жогортон кепти таштасаң,
Жото болот жетинчи ата.
Себепсиз сөз козголбойт,
Сегизинчи ата жете болот.
Байыртадан келаткан,
Бабалар сөзүн барктап ал!
Жети атаңы билип кал!

***

***Түпкү атабыз Беккулу,***
***Түгөл кыдыр даарыган.***
***Улууларды туурагам,***
***Улама кепти улагам.***

***
Эл башчысы Элеман,
Эзелкиден сурагам.
Калк атасы Калкаман,
Карыдан баян улагам.
Эселкилер өтүп кетсе,
Эми кимден сөз сурайм?
Карылар небак жол кетти,
Кандай кылып сөздү улайм.
Акындын пири Сары кыз,
Сары кыздан сөз сурайм.
Сап-сапка тизип сүйлөмдү,
Саргара жортуп жол улайм.
Теректин пири Байтерек,
Бизден сизге ким керек.
Теректей бой бергенче,
Теменедей ой керек.
Сапар кеткен жолочу,
Саргара жортуп берилейт.

Сабалатып тарыхтан,
Санжыра айтып чал келет.
Малдын пири Малабай,
Байыркы Көңдөй малга бай.
Малын союп жебесе,
Көнөчөк эли жардыдай.
Жердин пири Жер Эне,
Жергебиз гүлдөп турса ээ.
Кылымга тынчтык уланып,
Кылкылдап бакыт консо ээ.
Элдин пири Элеман,
Элге бакыт консо ээ.
Той берип журт кубанып,
Токчулукка батса ээ.
Жылкы пири Камбар ата,
Жылкычы алып атакты,
Жылгага кабар таратты.
Жылдыздуу уулдар төрөлүп,
Жылдарга жышаан таратты.
Кийик пири Кайып Берген,
Кайып Берген сак мерген,
Жандыкты ата бербестен,
Жалпыга бакыт тилеген.
Жаамы журтка бакыт тилеген,
Жамаке мерген сак мерген.
Куштун пири Буудайык,
Курбудан атын желдирип,
Куш салган калаар кубанып.
Кищи пири Адам Ата,

Адам Ата колдосун!
Ар дайыма жар болсун!
Үндүн пири Камбаркан,
Ыр, күү кылым арыткан.
Кымбат күүнү уккандар,
Кыйлага эргип кубанган.
Кайта уксак деп суранган.
Бакыттыкы Кыдыр Иляс,
Беккулу уулун колдосун!
Бакыттын өзү жар болсун!
Баланыкы Умай Эне,
Бешик термейт Жер Эне
Бешенеси жайнаган,
Балдар толсун жергеме!

Байыркынын учкул ою,
Бабырата уланган.
Суунун пири Сулайман,
Бизден эмес кудайдан.

***

***« – Бугу эне тирүү»***
***Баатыр Балбайдын сөзү.***
***Качкынбай Осмоналиев. « Көчмөндөр кагылышы» деген романынан***

***

«**Беккулу атанын талы колдосун. Оомийи»!!!»**
Темир –Канат айлынын бата тилегендеги ыйык сөзү.
***

Сан жылкылуу Сарыбай,
Миң жылкылуу Каптагай,
Биздин Бугу четте бай,
Алты Басаар Тагай бар,
**Кара Көйнөк Канай бар,**
Союл чабаар Саяк бар,
Көл башында көп Белек,
Көбүндө жылкы көрөсүң,
Канимет кылып жөнөөрсүң,
Каяша кылсаң өлөөрсүң!

Солтобай төкмөнүн ыры К. Осмоналиев. «Көчмөндөр кагылышы».
****

« **Тоңдо Темир-Канатта Кара көйнөк аттуу кайындарым бар эле. Капканчы Ысабекке** карай аттандым. Анын аңчылык ирети келип, Суусардан өйдө байланып турган учуру экен.

**А. Акматалиев « Баба салты, эне адеби» деген китебинен.**

***

Өткөндү унуткан киши алдыны ойлобойт,
Адам өткөнү менен келечегин боолголойт.

Эл макалы.
***
«Өткөндү унутпа, ал келечектин окуучусу».
Кытай Эл макалы
***

**«Акмактардын акмактыгынан, жакшы адамдын жакшылыгынан үлгү менен окуучуларга билим пайда кылат. Жүрөгүндө оту бар жигиттер тарих билүү керек. Тарых билген адамдар мурунку өткөндөрдүн ал абалын көргөн сыяктуу билет. Тарых окубаса, гезит көрбөсө, илими болбосо, атасынын башын билеби!»**

**Осмоналы Сыдыков**
**Кыргыздын агартуучусу, улуу тарыхчысы**
***
Билимдүүнүн билими жугат,
Билимсиздин чириги жугат.
Эл макалы.
***

Адам деген өмүр сүрбөйт түбөлүк,
Бабалардын баскан жолун сүрөлүк.
Анда-мында кобураша калганда,
Аталардын атын айта жүрөлүк.

**АТАЛАР АТЫН СҮРГӨНДӨ**

Аталардын баянын
Азыр айта баштайын.
Айдыңдуу тоодо мал баккан,
Алаш менин чоң атам.
Андан аркы бабабыз,
Акылман Көлөй карыя,
Кеби элге жарыя,
Кеменгер Көлөй карыя.
Сөзү элге жарыя,
Сөзмөр Көлөй карыя
Аңгемем ары уланат,
Көңдөйгө келген уулдары,
Көөнөрбөс атам Баястан,
Баястан эмес Бай арыстан.
Ушуларды айтайын деп,
Ойлонуп турдум жанатан.

Андан ары калтырбай,
Аңгемемди узартсам,
Дагы-дагы кеп айтып,
Дайнымы айтып уласам.
Каадалуу элден даңк алган,
Кара көйнөк аталган.
Жыргаланда жашаган,
Жыгачтан уук жасаган,
Жылдыздуу атам Бүтөбай.

Берешен жана бай келген,
Берки атабыз ушундай.

Уңгусунан калбастан,
Уламалар уланат.
Сабалаган жылкыдай,
Санжыралар куралат.
Айдыңдуу уулдар тараган,
Атагы элге даңкталган.
Аркы атабыз Беккулу,
Акылдуу адам аталып,
Айта жүргүн ушуну.
Карааны тоодой көрүнгөн,
Кагылайын жан курбу.

Дагы эмнени айтайын,
Дайныман кабар тактайын.
Эл башкарып тың чыккан,
Эрөөлдө туруп кармашкан,
Торгой деген атанын,
Тоодой болгон атагын,
Топ-тобу менен айтайын.

Куржунга салып алып барган,
Кужулдагы чуу жарган.
Куржун деген атанын,
Батыра кетем атагын,
Баштап жазган ырыма,
Бабамдын жалгыз баласын.

Абалтадан келаткан,
Аңгемемди улантам.
Аркы атабыз Төрөкочкор,
Аталар жолун уланткан.
Бабабыз болгон Жамангул,
Эл багаар эле анык бул.
Андан ары Алсейит.
Анан дагы Мырзакул.
Айтайын деп баштаган,
Аңгеменин жайы ушул.

Бабалардын баянын
Бабырап айта баштайын.
Эч бир жерин ката айтпай,
Элестүү болсун баяным.
Тайсалдабай түз айттым,
Мен айтпасам ким айтат.
Санжыра билген киши айтат.
Калыстыкты так айтат,

Каада билген киши айтат.
Бабабыз болгон Орозбак,
Кыңая баскан мойну ийри,
Өңү сары, сөз билги,
Кылымга кеткен атак даңк,
Кылжырдан баян тактaлат.

Аркы Тагай атабыз,
Айбаттуу болгон эр болгон,
Эр уулу менен тең болгон.
Канча жоого намыз бербей,
Кадимки жолборс берендей,
Кармашта элин коргогон,
Өзгөгө намыс карматпай,
Өз элине чеп болгон.

Атанын эгиз уулдары,
Агуул жана Кууул,
Алардан тукум уланган.
Аңгеме айтам булардан.
Агуул биздин атабыз,
Алыста калган бабабыз.
Абалкыны жакындатып,
Алардан баян айтабыз.

Ак карлуу тоодо төрөлүп,
Атак даңктан чеп курган.
Душманга бербей намысты,
Туу алдында бек турган.
Кооптуу жерде алышып,
Коогаланда чабышып,
Атанын жалгыз баласы,
Сыйлап көзгө басаары,
Доордун айтып тарыхын,
Долон бий өткөн дүйнөдөн.

Аңгемемди ары улайм,
Андан аркы атабыз,
Кыргыз-кыргыз болгону,
Кыргыз атка конгону.
Тайган эмес ырыстан,
Аркы атабыз Ырыскан.

Каадалу өмүр өтөгөн,
Карабагыш, Акбагыш,
Анан дагы Чоңбагыш
Акбагыш биздин атабыз,
Удеге менен кармашкан,
Намысты коргоп калмактан,

Нарктуу жолдон тайбаган.
Эли-жерин коргогон,
Элес айттым ошондон.
Кыргызды кыргыз кылып,
Кылымдар боюу сактаган.
Баян козгойм кайтадан,
Байыркы ата бабамдан.

Аркы атабыз Үрүмчү,
Айдыңдуу баян обололойт.
Ата-баба тарыхын,
Айтканым сонун кеп болот.

Мен булардын аттарын,
Санжырадан окугам.
Качанкыны кеп кылган,
Карылардан көп уккам.
Ушундайбы, башкабы,
Чын баянын ким билет.
Качанкы кеткен тарыхты,
Карылар аны эскерет.

Санжыраны билбеген,
Сай-сайда калып жоголот.
Жети атасын билбеген,
Жетип уул деп кордолот.
Ушуну менен бул айтаар,
Учкай кебим токтолот.

***СӨЗ***
***Хан бектердин катаалдыгын айткан сөз,***
***Качанкы бир байыркыдан калган сөз.***
***Бал-балдардан балбылдата күү чалып,***
***Бабалардын баянын айткан дагы сөз.***
***
**« Ыр –сөздүн падышасы»**
**Элден**
**БАШКЫ СӨЗ**

Тоолрдогу гүлдөрдү,
Топ-тобу менен чогултам.
Коолордогу гүлдөрдү,
Кооздугун карап отурам.
Алардын алып көрктүүсүн,
Жердештерге көрсөтөм.
Жергемдин көркөм экенин,
Жетине албай сөз бөлөм.

Кыргыздын асыл ойлорун,

Кымбаттарын чогултам.
Даана жазып бабаларды,
Дастан кылып отурам.
Аңгемем жакшы, жаманбы,
Аны билбей чочулайм.

Дастанымда баары бар,
Кайтыш болгон баба бар.
Кадырлуу өткөн кары бар,
Саймедиреп токтобос,
Санжыра айткан адам бар.
Каада күтүп мал баккан,
Кадимки Сыдыш абам бар.
Жанында аны ээрчиткен,
Жапас деген агай бар.
Үйрүнөн калбай келаткан,
Үсөнбай байкем дагы бар.

Эр эңиште байге алган,
Эчен-эчен шерлер бар.
Жумурай журтка таанымал,
Жумакадыр аба бар.
Койсойбостон Канай бар,
Дөөдөй болгон бу да бар,
Дайнын айтып отурсам,
Дагы канча жандар бар.
Атагы чыгып даңкталган,
Шоңколор багып мактаган,
Чоң жарышта байге алган,
Ала байтал күлүк да бар.

Дастанда баары бар,
Арпа Тектир, Ат Жайлоо,
Агалар баскан айдың бар.
Кара Каман, Чатыр Таш,
Каадалуу жайлоо Сорок Таш,
Алды жагы Калак Таш,
Жамырап өткөн жалын жаш,
Жалын өмүр кайрылбас,
Жайнаган сонун жерлер бар.

Окугандар дастанды,
Баардыгына кабылат.
«Жараткан кудай алла»– деп,
Жан дүйнөсү жаңырат.
Көрүнбөй кеткен бабанын,
Көбүн эстеп жаш алат.
Окугандар дастанды,
Кең дүйнөсү ачылуу,

Бапырап өткөн таалайлуу,
Балалыкка кабылат.
Баё кезин сагынат.
Көөнөрбөс жерге тартылып,
Көзүнө мөлтүр жаш чаят.
Аралаган дастанды,
Туулган жерге тушугат,
Ата-баба сапар өткөн,
Адырларга жамгыр төккөн.
Кайрылбай өткөн мезгилге,
Бу дастан сени жолуктурат.

Туу жондордун сүйкүмүн,
Туулган жердин наз гүлүн,
Тунжураган айлуу түнүн
Көрсөтүп жүрүп отурат.
Атыр жыттуу абасына,
Ак кар баскан аскасына,
Айдың көлдүү жактарына,
Азгырып жүрүп отурат.

Жон-жондогу чабандын,
Жети атасын таптырат.
Күлүктөрүн жарышта,
Күйүктүрүп айдатат.
Кара- Каман, Чатыр-Таш,
Каадалуу жакка алпарат.
Карыга баян айттырат.

Дастанда баары бар,
Айдыңдуу Акун атага,
Алпарып комуз черттирет.
Майданда өлгөн эрлерден,
Маанилүү маек эшилтет.

Бул дастанды жаратуу,
Кыйын болду мен үчүн.
Уйкусуз өтүп кетти го,
Учурунда далай түн.
Жакын эле жердешимдин,
Жадымда жок аттары.
Эчаакы өтүп кеткендердин,
Атын билбей чаташтым.
Жазбайын деп дастанды,
Жаратпай айрып таштадым.
Жан дүйнөм тынчтык бербеди,
Жабыгып кайра баштадым.

Ошентсе да акыры,

Жашып кээде кайгырып,
Жазып бүттүм дастанды.
Издегеним не болду,
Ийгиликтер болдубу?
Дайындуу нерсе таптымбы?
Дастанга нелер катталды,
Эмнелер унут калды,
А эмнелер кирбей калды,
Анын баары такталаар.
Акыры жүрүп отуруп,
Биз иштеген ишибиз,
Жараткан кут кондуруп,
Жакшы жакка айланаар.

Ушуну менен силерге,
Айтаар сөзүм токтолоор.
Кайран өмүр бир кезде,
Кайып сызып жоголоор.
Бирок дагы жаштар бар,
Арткы жакта бакыт бар,
Жараткан деп дастанды,
Жазылды деп баардыгы,
Жайнаган ушул убактар,
Улама кез учурлар,
Айтылып далай кеп болоор
Унутулуп жоголбоор.
Канат кагып кыраан куш.
Бийиктикке оболоор.

**«КЫРГЫЗ» ДЕГЕН АТ КАЙДАН КЕЛГЕН»**

Калайманчыл башынан

Кара курттай жайнаган.
Кара кытай, калмакка,
Кайраты менен тең болгон.
Чамасы кетип, чарк кетип,
Чабышкан оң болбогон,
Кырларда атчан ойногон.
Кыргыз деген эл болгон.
Кыр кезип жерди жойлогон.
Кырды кезсе ушул эл,
«Кыргыз» деген ыйык ат,
Чыккандыр балким ошондон.
***
Кыргыз элдин Манасы,
Хан ордосу Таласы,
Кыргыз Ата жолун улаган,
Кулалы таптап куш кылган.

Курама жыйып журт кылган.
Тели куш таптап куш кылган.
Тентигенди жыйып журт кылган.
Кылымга атын чыгарып,
Кырк урууну кураган,
Кыр-кырлардан жоо кууган,
Кырк уруудан-кыргыз аты,
Чыккандыр балким ушундан.

**ТҮРК АТАНЫН ДАРАГЫ**
**Сен байыркы түрк атанын тукуму экениңди унутпа!!!**
**Ага кайсы элдер кирет.**
***1.Кумук, Башкырт, Казак, Каракалпак,***
***Ногой, Кыргыз, Хакас, Алтай,Шор,***
***Шулум, Кара уйгур, Тува, Тара.***
***2. Уйгур, Өзбек, Якут, Авар, Сак,***
***Скиф, Көк Түрк, Хун, Болгар, Хазар.***
***3. Чубаш, Балкан Түрктөрү, Гагуаз,***
***Түркмөн, Түрк, Азербажан.***
***Татар, Карачай,Балкар, Карайым, Кыпчак,***
***Урум…***

***
« Кырларда, кайыңдардын бетинде,
Тамга жокпу кыргыз балта чаппаган.
Өзөндөрдө, жылгаларда, сайларда
Кыргыз жокпу кыргын болуп жатпаган».
**Байыркы кыргыз эл ыры.**

# БАБАЛАРДЫН ЖАҢЫРЫГЫ

**(уламыш)**
Эээй…
Эл жеримде айтылган,
Эзелкинин жомогу,
Эстеер киши болорбу.

Эээй…
Байыркынын жомогу,
Байыркы биздин бабабыз.
Эне Сайды жайлаган,
Ээн жерде жылкыны,
Элкиндетип байлаган.

Эээй…
Ошол кезде бабабыз,
Оролмо Тоону жайлаган,
Оролмо Тоонун бетине,
Оролтуп жылкы айдаган.
Арылдап өтүп кетиптир,
Андан бери көп заман.
Айдыңдуу элдин жомогу,
Атадан өтүп балага,
Жарыя болуп кетиптир,
Жалпы журттун баарына.

Эээй…
Санай, санай отурсам,
Сандарды кошуп толтурсам,
Санат жеткис жыл өткөн,
Сайлуу өтөктүн өзүнө,
Сабалатып жаан төккөн.
Сап-сабын айтып тарыхтын,
Санжырачы киши өткөн.
Аңгеме айтып баягыдан,
Акылман кары чал өткөн.
Эээй…
Ар түркүн ыр түзүп,
Амалдарды туурадым.
Бабаны ырга айлантып,
Байыркыдан курадым.
Бабын издеп сөз курап,
Башталмасын уладым.

Санжырбыз жазылган,
Китептерди карадым.
Абалкы өткөн бабанын,

Атын улам тактадым.
Кемчил болгон жерлерин,
Кээсин чийип таштадым.

Байыркы биздин бабабыз,
Үрүмчү аркы атабыз,
Эчкилүүнү жайлаган,
Этектен жылкы айдаган,
Ээр белдей белесте,
Элин коргоп жашаган.

Душман менен бетме-бет,
Далай болуп кармашуу.
Эл, жер үчүн күйүнүп,
Эркиндикти талашуу.
Бирде бийик көкөлөп,
Жанып учуп эрдиги,
Аларды айтып отурсам,
Айдыңдарды тактасам,
Ачып-жуумп колду санасам,
Бири чын да, бири калп,
Айтылганды тактасам,
Долон биздин атабыз,
Доордон кабар айтабыз.
Ошол жакта көп сөздөр,
Окуялар болжолдор,
Жобур кептен оошкондор,
Жоболоңдуу жомоктор.

Улуулардан калган сөз,
Уламада айткан сөз.
Карылардан калган сөз,
Калкамандар айткан сөз.
Ким көрүптүр мындайды,
Кийинки ырлар такталды.
Улуулар бизди үйрөттү,
Улама тарых айтканды.
Абалкынын баянын,
Айткысы келет жаш кары.

Уламадан кеп айтып,
Улаганбыз сөз жазып,
Куу атчан жолочунун,
Курсагы ачты азык жок.
Тамашалап жараткан,
Тагдырда деле жазык жок.

Ушул эркин тоолордо,
Укмуш-укмуш хан чыкты.

Калың журтту башкарып,
Кайратынан жан чыкты.
Ошол хандын соңкусу,
Ойротко даңкы угулган
Уланып далай кеп кеткен,
Урматтуу улуу Угуз хан.
Жоону жеңди каратып,
Жоокер жыйды такшалтып,
Арбын жашты өткөрүп,
Кайраты тайып баратты.
Кайтаар күнү жакынбы,
Же дагы азга жашайбы,
Карып калган чагында,
Көргөн экен бир бала,
Анын аты Бөйөнхан,
Бөйөнхандан Чаянхан,
Кылымга аты таанылган
Чаянхандан Кыргызхан,
Санжырабыз ушундай,
Ал күндөн кеп жаңырган.
Асыл жомок угулган,
А береги Кыргызхан,
Кыраан экен согушчан.
Кытйлаларга кол салган.
Кыргызхандын тарыхы,
Кылымга аты даңкталган.
Үрүмчү деген хан экен.
Үч уулу анын бар экен.
Үйөр белди аралап,
Үч айрылыш жол кеткен.
Үч күлүгү шай экен,
Үч азамат камданат,
Үчөө сапар аттанат.
Үчөөнө үч жол жатат.
Карабагыш, Акбагыш,
Анан дагы Чоңбагыш,
Жунгарлар менен кармашта,
Жуп-жуп болуп тартышта,
Карабагыш, Чоңбагыш,
Кайдадыр жакка кетиптир,
Кабабарын эч ким билбептир.

Калмакка кирип кеттиби,
Катуу азапты чектиби.
Кыр-кыргы айдап коркутуп,
Кытайлар аны эздиби.
Тууганынан айрылып,
Туңгуюкка сиңип кеттиби.
Тамашалап жараткан,

Тагдыр жолу кантти экен.
Эки тууган аты уйкаш,
Эми алардан дарек жок,
Ал жактан киши келген жок.
Ал кезде болгон кабарды,
Аңгеме куруп кеткен жок.
Атаңын көрү дүйнө бок.
Жунгарлар менен кармашта,
Журт чырмалды азапта.
Эрксиз жашоо уланып,
Эл тентиди туш-тушка.

Берки атабыз Акбагыш,
Анын уулу Ырыскан.
Ырысканды аркалап,
Кара жанын калкалап,
Теңир Тоого качыптыр,
«Теңир үмүт колдосун»-деп,
Тектүү ата жашаптыр.

Жар бойлогон кара атчан,
Жалгыз бала Карахан.
Атанын жолун улаган,
Адырдан чыгып желдирип,
Алгыр кыраан куш салган.
Эки бала андан бар,
Нойгут менен Ногой хан.
Ногой хандан төрт бала,
Көкчөкөз менен Жакып бай,
Чыйырдын аты калгандай,
Сабалата баштаган,
Санжырабыз ушундай.
Нойгут хандан тараган,
Ноюбас кепти баштаган,
Шыгай менен Акбалта,
Жоого каршы сом балта.
Шык жөндөмү арбыган,
Улама айтам алардан.
Арстан келсе арбашкан,
Жолборс келсе жоолашкан,
Акбалтадан Чубак бар,
Чатагы чыккан ой тоого,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Жердеген жери бийик тоо,
Жердин түбү Какшаал Тоо,
Нойгут деген эл болгон,
Ноюбас жери чеп болгон,

Андан бери токтобой,

Дайны чыкпай жоголуп,
Далай кылым сызыптыр,
Мемиреп гана оболой,
Мезгилдер жылып учуптур.

Чынгыз хандын чагында,
Ырыскан баба жашаган.
«Кошулуп бизге келгин»– деп,
Монголдор ага кеп салган.
Каарланган чыбашта,
Калк чырмалган азапка.
Бири куулуп Каңгайга,
Бири кеткен Алтайга,
Дагы бири безиптир,
Дайынсыз чоочун жактарга.
Улуулардан улаган,
Улама кеп уламыш.
Баяндаган бабалар,
Байыркы кепти улайбыз.
Курбалдаш адамдар,
Куттуу кепти улашат,
Байыркынын тарыхынын
Башталмасын сурашат.
Улама кеп, улама кеп,
Улуулардан калган кеп.
Улама кеп улама экен,
Улуулардан сураңыз,
Ары улап, бери улап,
Анычын тактап кетишет.
Абалкы чакты эстешет.

**ДОЛОН БИЙДИН ЗАМАНЫ**

Жон жондордо чогулган
Жомокторго келели.
Мындан аркы айтылаар,
Кепке кезек берели.
Качанкы өткөн заманга,
Кайра кайтып келели.
Атаңдын көрү дүйнө күн,
Андан башка не дейли.

Аркы атабыз Ырыскан,
Тайган эмес ырыстан.
Долонбий менен Домбулбий,
Ырыскандан жаралган.
Мындан аркы кебебиз,
Ошолордон башталган.
Окулялар ташталган.

Төрөлгөн дешет Долон бий,
Эне Сайдын жеринде.
Аккан дайра жээгинде,
Алкынып аккан чоң дайра,
Арт жагына акпас кайра,
Кылымга кеткен атагы,
Кыргыздын көзгө басаары,
Өзгө жанга чокутпай,
Өз журтун коргоп алаары,
Качанкыдан кабар алып,
Калың элин тактаары.

Санжырада айтылган,
Санат сөзү бир далай.
Эч нерседен тартынбас,
Эстүү жандын укмушу ай.
Бийик бойлуу жайдары,
Бүркүт тумшук абройлуу,
Акылга бай, так айтат,
Жазы маңдай айлалуу,
Жаралгандан таалайлуу.

Санжырада айткандар,
Ушул баба жөнүндө.
Учкай кепти чубашкан,
Уламаны улашкан.

Ал кездеги окуянын,
Чын төгүнүн ким билет.
Желип учкан токтобос,
Бийик тоодо жел билет.
Бир билсе жазмышта,
Аны айткан жан билди,
Аңгемени тыңшаган,
Аны уккан жан билди,
Абалата кеп кылып,
Жазмачылар чыгарды.
Жазылбай калган баяндар,
Жазмасы жок сөз калды.

Дололонбий көчүп жүрүптүр,
Аркалап бийик тоолорду.
Арымы кенен созулган
Аралап байтак жолдорду,
«Алдырбайм» деп ант берген,
Аңдып келген душманга,
Ак карлуу Ала Тоолорду,
Ай түнөгөн жолдорду.

Калмактар менен алышып,
Карлуу тоону жайлаган.
Жоо тартышта кансырап,
Жоболоңдон качпаган.
Акыл-эсти туу тутуп,
Айла менен кол салган,
Айланадан үн салып,
Ак жолборсу чамынган.

Эчаакы өткөн тарыхтан,
Эчен түрлүү кеп калган.
Бир кезде унут калгандын,
Билигин чубап чыгарган.
Ала Тоодо кыргыз эл,
Монголдор менен алышып,
Ат үстүндө чабышып,
Калмактар менен бет келип,
Маал-маалында тирешип,
Манжылар менен алышып,
Ат үстүндө чабышып,
Катарлаша бой салып,
Уйгурлар менен алышып,
Канча бир заман өтүптүр,
Кара тоого булуттар,
Калкылдап гана көчүптүр.
Андагы өткөн баяндар,
Акыл эсте калбаптыр.
Акыл эсте калса да,
Санат сөзү сызылып,
Санжырачы жазбаптыр.
Ээ…әээй....

Жунгарлар менен кармашта,
Желбегей тон жамынган.
Кажыбас күлүк таптаган,
Кара жорго ат минип,
Желпиништин тоосуна,
Жебедей учуп бат жетип,
Жеринде туулган намыска,
Күтүрөтүп мал күтпөй,
Андан көрө алыстан,
Алыш-бериш дос тапкан,
Каршылаш жоосун жибитип,
Аброй күтүп сыйлашкан.
Аралап бийик тоолорду,
Арка болоор бел тапкан.
Күнүмдүк жерге алкынтып,
Күлүктү тосту күйүккөн.
Күткөн жанды сүйүнткөн.

Айта берсе арбын кеп,
Долонбийдин тарыхы.
Эрөөлдө эл башкарып,
Баласы менен тең багып,
Барктай билчү башканы,
Ушуларды айтайын,
Унут кылып салбайын.
Ээ…ээй…

Колго түшүп калмакка,
Камыгып ал кармалган.
Каардуу бийди жок кылыштан,
Калмак жайсаң тартынган.
Ошол болгон кармашта,
Оң колу болгон жаралуу,
Айдыңы болгон бараңдуу,
Асыл башы айлалуу.
Өз жери, элин коргогон,
Өчпөгөн аты таалайлуу.
Баштай берсе арбын кеп,
Бабабыздын тарыхы.
Байкатпай өтүп кетиптир,
Байыркынын заманы.
Эээ…ээй…

***
Андан бери өтүптүр,
Экчеленип көп заман.
Дайындуу журт баянынын
Далайы эсте калбаган.

Ошол кезде кыргыздар,
Эне Сайды жайлаган.
Элкилдеп мал оттотуп,
Этекке коюун кайырган.
Кеңейип анын турагы,
Кем эмес эле башкадан.
Миң Суу деген өрөөндө,
Миң жылдары жашаган.
Ак кийизге отургузуп,
Акылман ханын шайлаган.
Кыргыз элдин тарыхы,
Кытайларда катталган.
Кара кытай ханы менен
Катарлаш болуп жашаган.
Ар дайыма алар менен
Алыш-бериш катышып,
Акылдуу иштер башталган.

Ошол кезде кыргызды
Ырыс инал башкарган.
Хан даражасы инал деген,
Ал ысымды эл берген.

Анан дагы кыргыздар,
Жолдун басып далайын,
Түбүнөн өтүп асканын
Миң Суудан, Теңир Тоого,
Жол арытып, көчүп жүргөн,
Салкын төрдө бээ байлап,
Бүт жумушун шай-шайлап,
Адырларда мал айдап,
Жыргап өмүр өткөргөн.

Анан дагы кыргыздар,
Өтө каарман эл экен.
Башкага намыс бербестен,
Уйгурлар менен кармашкан,
Калмактар менен алышкан.
Баарысына бой бербей,
Аз болсо да арстан,
Он жоокерин бириктирип,
Он башчы деген башкарган.
Жүз жоокерин кошуп алган,
Жүз башчы ага көз салган.
Баарысы тең биригип,
Аскери түмөн аталган.

Күрөштөрдө кайрат жыйган,
Күчтүү жоого тиш салган.
Аял, кызы каарман чыгып,
Эр жигиттей аттанган.

Эне Сайлык кыргыздарда,
Белгилүү болгон көп адам.
Барсбек каган баштаган,
Бал-бал ташта ысымы,
Байыртан калып жазылган.

Болгон экен бул окуя,
Ата баба баяны.
Абалкылар кайрылбай,
Андагылар артта калды.
Санжыраны сабалатып,
Санаганга сөз керек.
Андан башка айтканга,
Акыл жана ой керек.

Эне Сай суусу агууда,
Желип учуп сапырылып.
Элестүү болуп табылгыс,
Эң бир сонун жаратылыш.

Жайлоолор жатат көрк чачып,
Жайдын сонун бир күнүндө.
Маек куруп отурушкан,
Белгилүүлөр бир дөбөдө.

Ошолордун ичинде,
Санжырачы акылман.
Баардыгына каалоо тилеп,
Бакытка гана чакырган.
Белине жеткен сакалы,
Таяган эчак жүз жашты.
Элтерес деген карыя,
Мындай деген кеп айтты:

## ЭЛТЕРЕС АТАНЫН БАЯНЫ

Береги биздин түштүктө
«Жажут мажут» эл экен,
Абдан тажаал эл экен
Адамдарды тирүүлөй,
Аймап-жаймап жейт экен.
Баш ийбеген элдерди,
Тирүүлөй белин сындырып,
Таштайт экен итине,
Ити аны жеп алып,
Киши жегичке айланып,
Көрсөтөт экен кордукту,
Салат тура зордукту.
Жүзү алардын курусун,
Жосунун кара түн урсун.
Ажыдаарды үйрөткөн,
Адамча баарын сүйлөткөн.
Сыйпап баарын жогокон,
Сыйкырчысы андан көп.
Кыштын күнүн жай кылып,
Жайдын күнүн кыш кылып,
Муз кылып катырып,
Жайчылары мындан көп.
Асмандап учкан көкөлөп
Түлкү, казды кара өрдөк,
Аңдып байкап жыт билген,
Кийикти күлүк кайберен.
Чек арасын кайтарткан,

Ар дайыма сак жаткан

Жамагатка таанылган,
Жалгыз көздүү дөөсү көп,
Найза, кылыч кармаган,
Балта чабаар мындан көп,
Атчан келген бааатырдан,
Жөө жүргөнү мындан көп.

Бир өгүздүн чоң санын,
Бир эле аймап жеп алат,
Ачуусу келип каарданса,
Алты күнү кармашат.
Алышкан менен баары бир,
Адамдын алы жете албайт.

Жоокерлерин курап алып,
Жолдогунун кыйратат.
Баш ийбеген элдердин,
Башын алып келатат.
Алдуулардын далайын,
Азапка салып келатат.
Түштүк жактан ошентип,
Сел каптап келатат.
Сезимдүү назик жандардын,
Сезин алып келатат.
«Жажут-мажут» эл экен.
Каптап кетсе сел экен.
Кары-жашты куйкалап,
Каарып жүргөн өрт экен.
Ошол өрттөн аман-эсен,
Кыргыз журту калабы?
Ал болбосо алы кетип,
Ар кай жакка качабы?

«Жажут-Мажут» эл экен
Бүт баардыгын караткан.
Алып-жулуп баардыгын,
Алдыга карай бараткан.
Адамдын алы жетпеген,
Учу кыйры кеп-кенен,
Кытайлар менен алышып,
Келе жатат кармашып.

«Жажут-Мажут» ал элден,
Чынгыз хан деген чыгыптыр,
Ошол элге башчы адам,
Далайы менен кармашкан,
Өзүнчө эле бир арстан.

Өз аты экен Темирчи,
Чоң курултай башкарып,
Анын жаны тыныптыр,
Чынгыз хан деп аталып.

Бир кары сурайт кеп салып:
– Чынгыз хан деген ким болгон?
Маанилүү тура баяның
Маек курчу ошондон.

Элтерес кары кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Мындай баян улады.
– Ошол Монгол ичинде,
Кыят тукумунан таралган
Курлас уруусу аталган.
«**Ж**араткан» деп, өмүр сүрүп,
Жылдыз деген хан жашаган
Анын небереси Дайын Баян,
Кийин ошол хан шайланган.
Ошол эле уруудан,
Караганга ай чырайлуу,
Абдан эле акылдуу,
Алангү деген кыз болгон,
Ай periге окшогон.
Далай жигит көз салган,
Бирөө дагы ала албаган.
Дайын Баян ошого үйлөнөт,
Чоң той берип эл күтөт.
Дайын Баян мыкты жигит,
Уруусуна чеп болгон.
Монгол калкын бириктирип,
Андай жигит болбогон.
Улам-улам бириге,
Монгол калкы чыңалды.
Бытырап бирикпес,
Башка урууну чаап алды.
Кайрат күчтү чыңаган,
Башкаларга жол салган,
Мыкты башчы баягы,
Жазымышпы ал дагы,
Күндөрдүн бир күнүндө,
Ала кечки күүгүмдө
Дайын Баян каза табат.
Алангү сулуу акылман,
Армanданып жесир калат.
Жесир калып шор катат.

Аял эле эл багаар акылман,
Калың журтка көз салган
Ат үстүндө жаа тарып,
Албан ишти жазаган.
Кем эмес болуптур,
Баатырлыгы жолборстон,
Ат үстүндө кылычты,
Ары-бери ойноткон.

Күндөр жылып токтобой
Алдыга арыш алган.
Айлар алга ала салып,
Эки жыл өтүп арадан.
Жылдардын бир жылында,
Айлардын бир айында,
Койлор жуушап арыда,
Коктуда жаткан маалында.
Төгүп турат ай нурун,
Журт уйкунун чагында.

Алтымыш уукту чоң боз үй,
Алангү жаркын ойгонот,
Түндүк жабуу көтөрүлөт,
Сүйкүм ак нур жерге түшөт.
Өзүнөн өзү анан барып,
Түндүк жабуу жабылат,
Үйдү кайра тынчтык басат.
Ошол укмуш нур кубулуп,
Адам затка айланат.
Эмне болду бул укмуш,
Келин ага таңданат.
Жаралгандан ал келин
Көргөн эмес мындайды.
Бул эмне сыйкырбы,
Же болбосо башкабы?

Татынкай ак жуумал,
Көзү көк сары сакал.
Боюу узун далдагай,
Сыйкырлуу бир адамдай.
Нур адамга айланды
Баарысы тең тынчтанды.
Короо тынч, баары тынч,
Үйдү бейкут аркалайт.
Сүйкүм тарткан убакта,
**Сүйүү** учуру башталат.
Алангү аны менен
Түн боюу бирге жатат.
Айтып бүткүс махабат,

Ал экөөнү аралайт.

Жакшы учур аяктады,
Токтобой кыймыл уланды.
Адам нурга айланды,
Түндүк жабуу ачылды.
Нур болсо чыгып кетти,
Үйдү тынчтык каптады.
Түгөл тынчтык аралап
Түндүк жабуу жабылды.

Аял болсо көшүлүп,
Тынчтанып уктап калды.
Бир келди тунук сүйүү,
Көргөн эмес мындайды.
Бул сыйкырбы башкабы?

Нур менен Алангү,
Далай жолу катышат.
Махабаттуу ыйык түн
Анан барып аяктайт.

Мезгил өтүп акырындап,
Алангү болду кош бойлуу.
«Кантип бүттү боюна»,
Каршылаштар ойлонду.
Кээ бирлери жек көрдү,
«Көрсөтөбүз көргүлүктү»
Алангү жакын аялдарга,
Закым нурду көрсөттү.

Абысындар көрүштү,
Алоо нурду жанакы.
Асылгандар баягы
Ачылган оозун тып басты.
А балким бул окуя,
Жумушудур жараткандын.
Байыркынын санжырасын,
Баштагандыр жаратканым.
Ошол иш ошол болду,
Күүгүм кирди, таң атты.
Дайнын такыр билгизбей,
Далай убак кыр ашты.

Ошондогу жашыл нурдан,
Жумурай журтка таанымал,
Балким бир адам чыгаар,
Баардык элге таанылган.
Оо, ыйык жаратканым!

Баарысын тең жаратkансың.
Акыл берип адамдарды,
Ай ааламга таратkансың.

Алангү деген береги аял,
Кереметтүү жашыл нурдан,
Түнүндө келген адамдан,
Үч баланы тууп алган.
Ошол келген жашыл нур,
Тукуму экен кыргыздын.
Закым нур болуп кубулган,
Андан тукум уланган.

Байыркы өткөн баянды,
Көрүп келген киши жок.
Эбакы өткөн аяндар,
Эчтеме менен иши жок.
Биз эчтеке билбейбиз,
Чынбы калппы бул жомок.

Эң улуу баласы,
Бугун Катаган болуптур.
Ортончусу Булан Жалчы
Кичүү баласы Буданчар,
Үчөөнөн чыккан тукумдар,
Арбун Будун деп аталган.
Байыркы атты чакырган,
Ушундай уулдар таралган.

Кыргыз тилге которсок,
Маанисин тактап ойлонсок,
«Закым нур» деп аталат,
Дал ушундай атты алат.
Алангүнүн ортончу баласы,
Буданчар деп аталар.
Санжырада айтылаар,
Андан эки бала бар.
Токо, Томо уландар,
Андан тукум уланаар,
Токо деген хан болот.
Токо улгайып өлгөн соң,
А дүйнөнү көргөн соң,
Уулу Дутма хан болот.
Бактысы учуп ололойт.
Өстүрүп сегиз баланы,
Өстөндү бойлоп отурган,
Сегиз уруу эл тарады.
Сегиз уруу ошол эл,
Санат сөзү көп болуп,

Сабалатып айтыла
Санжырада жазылды.

Сегиз уулдун ичинен,
Кайду деген тың чыкты,
Кайратынан кан чыкты,
Тиреше келген душманын,
Тизелетип санга чапты.
Кайдудан тукум уланаар,
Шукшурулган канат бар,
Андан чыкты Байшумкар,
Андай ары мындай деп,
Ата баба баянын,
Айта берсе арбын кеп.

Бүт журтту башкарган,
Андан ары Түмөн бар.
Андан Кабыл төрөлдү,
Журт башкарып барбайган,
Андан ары Эр Барбан.
Душманы уу берип жайлаган,
Кадимки Темирчинин атасы,
Журт башкарган Есугей,
Дайын болгон жалпыга,
Есугейден беш бала.

Кармагандан кан чыкты,
Ошол, ошол Темирчи,
Темирчи төрөлгөндө,
Жети күнү күн бузулуп,
Токтобой бороон согуп,
Кар аралаш жамгыр болуп,
Айлана такыр көрүнбөй,
Ак булуттар бери өтпөй,
Боз үйлөр солкулдап,
Жаман тамдар дагы урап.
Дарак башы кыймылдап,
Иттер үрүп ызылдап,
Жан-жаныбар үн салып,
Өзүнчө бир аламаат.
Жер титиреп кыймылдайт.
Ал бала алаканына,
Кан уучтап түшүптүр.
Кан уучтап түшкөнү
Адам көрбөс түйшүктүр.
Айласы куруп тап-такыр,
Аталар такыр таң калды,
«Ээ кудайым сакта»-деп,
Энелер эстен танды.

Такыр эле калп эмес,
Бул окуя чын экен
Санжырада жазылган,
Уламада айтылган.

Бийлик үчүн жол салды,
Кыр көрсөткөн душманды,
Кылыч менен кайсады.
Наркы, берки жоолорун,
Найза менен жалмады.

Ошол, ошол Темирчи,
Бүт Монголду башкарган.
Жоо болуп каршы чыкканды,
Жок кылып баарын жалмаган.
Ошол, ошол Темирчи,
Бийликке карай жутунду,
Баардык журтту башкарып,
Байлыкка карай кол сунду.
«Батпас эгем болом» -деп,
Баарына карай умтулду.

Чоң Курултай өткөрүп,
Чынгыз хан болуп аталды.
Анан каардуу, кандуу жол,
Ай ааламды каптады.
Жердин үстүн бүлүнтүп,
Жергеге бүт буй салды.

Узун бойлуу кең далы,
Жана дагы көзү көк,
Башындагы чачы сары,
Бабасындай ак жүздүү,
Чындыгында Чынгыз хан
Кыргыздын бир тукуму,
Эне Сайлык кыргыздар,
Ушул өңдө болуптур.
Чын эле чыгаар бир жагы,
А балким бул жомоктур.
Сабалатып баяндаган,
Санжырачы кеп салат.
Калпы чынын ким билет,
Баары ошондой катталат.
Барактарда жазылат.

Ушул сөздү айтып бүтүп,
Элтерес сөзүн аяктады.
Элдин баары таңданды,
Журт болсо ойго батып,

Этектерин күбүшүп,
Анан дөңдөн тарады.
Жердин үстүн буй кылып,
Каптап келет Чыңгыз хан.
Баардык жерге өрт жагып,
Мойсоп келет Чыңгыз хан.
Көргүлүктү көрсөтүп,
Жок кылып келет Чыңгыз хан.
Акырындап айтып бүттү,
Элтерес ата баянын.
Санаркоо ойлор каптады,
Отургандын баардыгын.
Элтерес ата жомогу
Элдин баарын ойлонтот.
Каардуу душман келатат,
Капсаландап ойрондойт.
Чогулган эл түйшүктүү,
Чочулоо басты араны.
Этектерин күбүшүп,
Элдин баары тарады.
Убакыт такыр токтобой,
Жума өтүп күн жылган.
Баягы эле чөң дөңгө,
Баардыгы келди кайтадан.
Эл билгилер келишти,
Кенен жайып ортону.
«Калың журтпуз биз дагы
Кана эмесе ойлонолу.
Кылымдан-кылым жашаган
Кыргыз журту өтө азайган.
Табалы бир айланы,
Жоонун алдын тосууга,
Жоокерлерди чыңдайлы.
Күчүбүз такыр жетпесе,
Чыңгыз ханга кошулалы.
Кырып такыр кетпесин
Кыргыз элин сактайлы».
Булуттар жамгыр төгүптүр,
Жарым жылдай өтүптүр.
Талап кылат эмнени,
Монголдон элчи келди.
Супатай баатыр баштаган,
Элчилер келди капталдан.
Конок кылып баатырды,
Кондуруп аны сыйлаган.
Баатыр анда кеп салган,
«Силерден салык албайбыз,
Арбын жигит бергиле,
Майданга аны салабыз».

Чыngыздан мээрим күтүп
Кыргыздар элчи даярдады.
Белек деген эмне экен
Берүүгө баарын камдады.
Алтын ээр токулган
Жал куйругу кап кара.
Ак боз атты тартуулашты,
Таң калыштуу байкаса.

Ошол тартуу ичинде,
Буту көзү кып-кызыл,
Кара шумкар бар эле,
Мээрими түшкөн адамдын.
Ок өтпөс темир тулга,
Асмандан түшкөн ыйык таш
Дал ошондон даярдалган.
Кесип туруп жасалган,
Адамдар карап таңданган.
Оң таптырбас атканда,
Жебеси бар жаалар.
Ок өтпөс темир тулга,
Кылыч менен найзалар.
Дагы, дагы башкалар.
Зергерлер аны камдаган.
Жалын менен сугарган.
Мыкты усталар усанган,
Даңкы ааламга тараган.

Ошол эле 1207-жылы
Жумадил баатыр баштаган,
Монголго сапар алып,
Чоң түмөн жолго аттанган.
Ал түмөндү Чыңгыз хан
Эң алдыңкы сапка койгон.
Канча бир баатыр майданда,
Калың жоодо жок болгон.
Он жыл өтүп арадан,
Жоокерлер келбей калган.
Каза таап баардыгы,
Кайткыс жайга аттанган.
Ким эгерде жоодон качса,
Анын баары жок кылынган.
Беттешкен жоксуң душманга
«Качкын» айып тагылган.
Баш ийбеген жоокерлерди,
Ылдам башы алынган.
Тирүүлөй аны жылаңачтап,
Адам жеер итке ташталган.

Кан майдандан жашынып,
Качып-бозуп элге барган.
Баардык азап-тозоктун,
Бакисин журтка кабарлаган.

Арып келген качкындар,
Азаптын баарын айтышты.
Чынгыз хандын жоругу,
Чыдатпай жанга батты.
Монголдорго каршылашып,
Көтөрүлдү кыргыз эл.
Кылым самап келген эл.

Каарман эл экенин
Оңой эле жеңилбесин
Чынгыз хан да түшүндү.
Жеңилбес Супатай баатырды
Кыргызга каршы аттанты.

Эки күн болду чоң кармаш,
Чоң дайранын жээгинде.
Акыры кыргыз жеңилди,
Алы кетип бул кезде.
Калаймынды баштаган,
Карышкырдай Чынгыз хан.
Эчен эрди жайлаган,
Эркин кыргыз азайган.
Эне Сайда согушта,
Колго түшкөн Ырыскан.
Жана дагы көп жоокерлер,
Турткун болуп кармалган.
Эл башчысы Ырысканды,
Чынгыз ханга алып келишти,
Берсин деп ошол жазаны,
Калбасын деп арманы.
Чынгыз хан анда каарланды:
«Айтканын аткарбады
Монголдорго күч берүүгү,
Такыр эле жарабады.
Буйрам сага мындай жазаны».

Желмогуз кан ичеер,
Ошол кезде Чынгыз хан
Ырыскандын тирүүлөй
Кармап белин сындырып,
Киши жегич иттерине,
Салмак болчу ыргытып.

Бардан жок болуп,

Жоктон бар болуп,
Арбак даңкы козголуп,
Ошол турган топ ичинде,
Адамдын көзүн тез буучу
Жайчы менен сыйкырчы,
Көзү ачыктар бар экен,
Кордолбогон чагы экен.
Ата баба арбагы,
Аларды коргоп кеткен экен.
Бардан жок болду,
Арбак даңкы козголду,
Эл бийлеген адамдар,
Ырыскан жана башкалар,
Баардык ошол туткундар,
Чынгыз ханга карматпай,
Жаратканым өзү сактай,
Кайып болуп жоголду.
Дал ушундай иш болду.

Күндөрдүн бир күнүндө,
Ала кечким күүгүмдө.
Белине жеткен сакалы,
Улуу акылман Элтерес
Чоң дөбөдө баягы,
Акыл кебин баштады:
– Оо, жамагат кыргыз эл!
Байыркыдан келген эл.
Эне сайды, Теңир Тоону,
Элкин жайлап келген эл.
Ажыдаардай Чынгыз хан
Монго журтун башкарган,
Далайды кыргын кылып,
Канды суудай агызган.
Канча бир эрди жалмаган.
Тынч элди жөн койбоду,
Баардык жерди жойлоду,
Не кылабыз жок арга,
Ал жетпеди каапырга,
Ата баба сөөгү калган,
Байыркы кыргыз жашаган,
Теңир Тоо ыйык жергемде,
Көп уруу кыргыз калды эле,
Паана кылып качкыла!
Ошол жакка баргыла!
Ыйык эл кыргыз тукумун,
Жоготпой сактап калгыла!

Акылдуу чал Элтерес,
Айтып берди көп баянды.

Бул сөздү угуп кары жаш,
Качканга алар камынды,
Арманын айтып кайгырды,
Аталар көзүн жаштады,
Ал жетпес жоону каргады,
Эр жеткен уулун жоктошуп
Энелери кошок кошушуп,
Эл журтка айтып арманды,
Энелер жашын тыйбады.
Эчкирип улам ыйлады.

«Ажал деген тигил жакта,
Арбак каптап келатат.
Болбогонду болтуруп,
Болумуш каптап келатат.
Алмай-телмей суюлтуп,
Арман каптап келатат.
Кыргыз эли жоголбогон,
Кылымдык эл болгон.
Ажыдаардан жашынып,
Алыс жакка качкыла!
Чымындай жаныңарды
Чыркыратып жоого бербей,
Аман сактап калгыла!
Алыс жакка качкыла!
«Жажут-Мажут» эл экен,
Жакшылыгы жок экен.
Карабай калың журтту,
Каптап кетеер сел экен.
Алоолонгон өрт экен,
Ажыдаары бар экен.
Тиши кылыч, заары от,
Тирүү кимдер калды экен?
Кара Тоону аркалап,
Кара башты калкалап,
Текши баарың чогулуп,
Теңир Тоого качкыла!
Шаарларга от коюп,
Ыйык журтту жоготуп,
Медресе мечитти,
Мерчемдүү жерлерди,
Баарысын тең кыйратып,
Текши баарын каратып,
Чал-кемпирди ыйлатып,
Эр жигитти сулатып,
Караан жылып келатат.
Кайрымы жок эч жанга,
Каапыр жылып келатат.
Ач калтырыпп баарысын

Ажыдаар келип жеп салат
Т екши баарың чогулуп,
Теңир Тоого качкыла!
Агайын эл жаныңарды,
Аман алып калгыла!

Катүгүн кыргыз жок болобу,
Карып калган чал ыйлайт.
Армандуу карап үй-бүлөсүн,
Ак жоолукчан келин ыйлайт.
Эртеңки күн не болот,
Элечекчен эне ыйлайт.
Капага батып солкулдап,
Кайың ыйлайт, тал ыйлайт.

Эне Сай менен коштошуп,
Өкүнүч айтып боздошуп
Долонбий көч көчүрдү,
Ыйык жерге сапар алып.
Кербендер сапар жөнөдү,
Ыйык жер Эне Сайда,
Алыс жакка бара албас,
Ат минип жүрө албас,
Кары картаң чал калды,
Кээ бир жаштар алардын,
Жанынан кетпей көз салды.
Кайгырып айтып арманды.
Караанын такыр көрсөтпөй,
Калың токой койнун аралады.
Көрүнбөй такыр бөтөн элге
Көмүскө жерде жашады.
Оо, жараткан Алла Тала
Кыргыз журтун сактай көр!
Алакандай кыргызды,
Аман алып кала көр!

Ошентип кыргыздар,
Ала Тоого көчүшүп,
Адыр менен өтүшүп,
Нойгут, Бостон уругу
Мундуз, кушчу, саруулар,
Кара багыш, моңолдор,
Көп аймакты аралап,
Көчүп келип жай алды,
Башкача жашоо башталды,
Убакыт өтүп арадан,
Ажалдуу жалын тараган,
Ажыдаар баарын аралаган
Чынгыз хандын жоокерлери,

Бул жерге келе баштаган,
Денеси бүт тарамыш
Боюу узун далдагай.
Жоболоңго бет келип,
Жоого кирген тартынбай.
Жекеге чыгып көп жолу,
Аңтара сайып таштаган.
Кандай баатыр болсо да,
Качырып тик барган.
Көк асаба туу алып,
Көпчүлүк жолду баштаган.
Журтту жоого алдырбай,
Элин коргоп тың жүрдү.
Жеңилбес баатыр аталып,
Жергеге болгон сүйкүмдүү
Долон бий аскер курады,
Колуна алып куралды.
Ысык Көл, Нарын тарабында,
Чоң согуш болуп кайтада,
Айсыз түн кез келсе,
Бир изин жаза баспаган.
Жакын болуп баатырга,
Жаныбарым акылман.
Келишимдүү жарыктык.
Маңдайында шамы бар.
Ата баба колдогон,
Капталында канат бар.
Долон бийдин Кара аты,
Кара жорго бар эле,
Ок тийип ат сулады,
Ошол ат өлгөн тоо,
Кара Жорго аталып.
Жебе ноёндун аскерлери
Бийдин элин куугундап,

Оргочор деген кыраан баатыр,
Монголдор менен кармашта,
Чырмалып катуу азапка,
Ысык Көлдө каза болду,
Анын сөөгү ардакталып,
Ошол жерге коюулду.
Ошол баатыр коюлган жер,
«Оргочор»– болуп аталды.
Оргочордун уулу Окторкой,
Да бир жерде каза тапты.
Окторкой өлгөн ал жерди,
«Окторкой» -деп аташты.
Эң байыркы ата салты.

Аялдар кошок кошушуп,
Эскерип ошол баатырды.
Абалап учуп асманга,
Айдыңдуу болуп арбагы.
Артында заты жазылып,
Ардакталып аты калып.
Байыркынын чыгармасы,
Ата баба санжырасы,
Дал ошондой айтылды,
Абалкынын баяндары,
Карылардан кептер бар,
Калыс айткан сөздөр бар.
Жазмаларда жазылган,
Сызууларда сызылган,
Жомогубу, же жазмабы,
Жаратып бир чыгарманы,
Байыркыдан кеп калган,
Дал ушундай айтылган,

Бир карыя айтты эле,
Дал ушунай баянды.
Кеп козгоп токтобой,
Кетип калган аянды.
Балким бардыр чындыгы,
Аңтарып ким көрүптүр,
Артта калган кылымды.

Ээ…ээй байыркынын жомогу,
Төгүн менен иши жок,
Көрүп келген киши жок.
Бүгүн турган эртең жок,
Эчтеме менен иши жок.

Монголдор менен кармашта,
Ошол куугун салгылашта,
Качып келет кыргыз журту,
Долон бийдин кошууну,
Көптүк кылып монголдор,
Алардын жолун тороду.
Долонбий деген чоң баатыр,
Журтуна сыймык ал багаар,
Монголдор менен кармашта,
Кадимки ыйык баатырча,
Каза тапты, ок тийип,
Казанагы оюулган,
Аруу сөөгү коюулган,
Калдайган тоонун бооруна.
Каркырадай жол улап,
Келгис болгон убактар.

Кербен болуп токтобой,
Кетип калган замандар.
Андагы өткөн тарыхты,
Аңгемелеер жайым бар.
Айланайын туугандар.

Долонбийдин жазааты,
Нарында белге коюулган.
«Бараандуу адам өттү»– деп,
Баяндап аны кеп кылган.
Ошол бел унут калбаган,
Ойдо бекем сакталган
Долондун бели аталып,
Долон деген ыйык ат,
Доордон-доорго жаңырып,
Добулбас болот кагылып.

Ошол белден өткөндө,
Эзелки ата бабаны,
Эске сала кеткиле!
Башталмадан баян айтып,
Байыркыны так айтып,
Уят болуп жаратканга,
Унут кылып кетпегиле!
Эчаакы өтүп кеткенди,
Эске сала эстегиле!
Кужулдата баян айтып,
Куран окуй кеткиле!

Эселкиден кеп айткан,
Эскермеси дагы бар.
Бапырата кеп айткан,
Башталмасы дагы бар.
Эээ…эээй…байыркынын жомогу

# ДОЛОН БИЙДИН ҮЧ УУЛУ

Мен силерге айттымбы,
Долон бийдин баянын.
Эми айтып беремин
Үч уулунун аянын

Анан анан токтобой,
Агылып мезгил өтүптүр.
Дайны чыкпай жоголуп,
Далай жылдар көчүптүр.
Бий орто жаш чагында
Бирге болуп эли менен
Көчүп кыштап белдерди,
Мелмилдеген суу кечип,
Мекендеди тоо жерди.
Долон бий дагы кайгырды.
Бала көрбөй далай жыл
Ичинде жүрдү кайгынын.
«Көрөмбү» деп баланы,
Башка жактан кыз алды.
Боюна бүтүп жарынын,
Төрөөр күнү жакындайт.
Бир күнү зайыбы,
Мындай деген кеп таштайт:
«Эртең-бүгүн төрөтүм,
Кызганып турам өзүңдөн.
Адырга жылкы кайтарып,
Ал жакка кеткин бет алып»,
Чарчап икалган ал ата,
Адырга жылкы кайтарды,
Ак боз үйлөр алыс калды.
Көзү бирок айылда,
Бакыт менен таалайда,
Аңгыча чаап алкынтып,
Атчан келди бир бала.
–Уулду болдуң абаке!
Мунун өзү бакыт ээ.
Сүйүнүп кетип Долон бий,
– Адыр жакта көрүнгөн
Ак торунун үйрүнөн,
Тогуз жылкы алгының,
Токтобой үйгө айдагын.
Айдап алып жылкыны,
Бала кетти үйүнө.
Кабагын ачып сүйүнө.

Убакыт көп өткөн жок,
Чай кайнамдай болгон жок.
Ак бозун чапкылап,
Келди башка чабаган.
Курган неме сүйүнө,
Кут төгүлөт өңүндө.
Жакшы кабар кеп айтты,
Жагалдана деп айтты:
– Ой, атаке, Долон бий,
Төлгөңүз топ болду,
Сакаңыз айкүр конду.
Бакытка байып толдуңуз,
Дагы бир уулду болдуңуз.
Атаке деер кош жылдыз,
Ачылып турат жолуңуз.
Бир эмес эки эркек,
Чоңоёт экен эркелеп.
Эртең эле эр жетет.
Жоо менен кармашат,
Намызды талашат.
Колуңузда эки куш,
Корунбай эми калыңыз.
Ала Тоого ай чыкты,
Ачылган экен бактыңыз.
Сүйүнүп кетти Долон бий,
Сүйкүмү элге жарыя.
– Сүнчүңө ай балам,
Тоо торунун үйрүнөн
Тогуз жылкы берейин,
Ажарың мага сүйкүмдүү,
Андан башка не дейин
Бир эмес эки уулум бар,
Аларга бакыт тилейин.
Аянып эми нетейин.
Кыбыланы каранып,
Жаратканга жалбарып.
Бата кылып Алла Таалага,
Жалынып турду бир азга.
Кубанып да шаттынап,
Тамагын кырып каргылданып.
Куу жоргону камчыланып,
Ашыга келди үйүнө,
Ала кечки күүгүмдө.
Туугандары тосуп алып,
Туш-туштан баары кубанып.
Бир кары айтты жылмая,
– Оң жагыңда бир балаң,
Ал оң деген атты алсын.
Сол жагымда бир балаң,

Ал сол болуп аталсын.
Азанчы чал карыяны
Тез келсин деп айттырды.
«Ат кой деди балдарга,
Чукулда той өткөрөбүз»,
Кабар тарайт калкыма.
Азанчы чал балдардын,
Экөөнө тең ат койду.
Жагымдуу бир иш болду.
Эне болсо сүйүндү,
Той берүүгө күтүндү.
Карын-карын май томуруп,
Аяктарды толтуруп.
Чакырды жакын коңшуну,
Баары чогу отурду.
Долон бий анда кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
– Оң жагымда Агуулум,( Абылым)
Ойротто жок чолпонум.
Сол жагымда Кубулум. (Кабылым)
Солдон чыккан чолпонум.
Соолубасын оң колум.

Балапан кезде дем алып,
Оң бойрөктө жаралып,
Биринчи бала оң болду.
А экинчи баласы,
Сол бөйрөктө жаралып,
Аталышы сол болду.
Ушундай эле болмогу
Эгем аны улам колдоп,
Эң бир сонун иш болду.
Таалайы тукум уланып,
Тагдырда иш оңолду.
Аңгемечим буларды,
Айтканың сонун иш болду.
Оргуштап мезгил токтобос
Ошондо ошол иш болду.
Экөөсү тең ак өмүргө,
Улап кетти чоң жолду.
Алып учат тагдыр бул,
Андан башка болбоду.

Андан кийин төрөлдү,
Көзүн ачып жарык көрдү
Аты аталып Кызылуул,
Атагы кеткен даңктуу уул.
Өрүшү өсүп Кызылуул
Ичкилик болуп аталды.

Өйүз-бүйүз жерде жашады.

Ошентип үч баланын,
Кыйлага кетип атагы.
Кыргыздын атын чыгарды,
Куу уулдан тарагандар,
«Кудайым» деп сыйынгандар,
Тепчип өтүп кыяны,
Теңир Тоону айланат.
Тогуз урукка бөлүнүп,
Тоолордо өмүр өткөрүп,
Кээ бирлери жашаган,
Алыскы Кытай тарапта,
Бизден алыс аймакта.

Санжырага биз келсек,
Алыскыны эстесек.
Агуул менен Кубул,
Алышып бийлик талашкан.
Эл журт түшүп арага,
Эки ортодо чыр чыккан.
Кыргыз салты боюнча,
Бийлик тиет улууга.
Баардык бийлик Агуулда.
Мал-мүлк менен байлыктар,
Берилет да Кубулга.
Абалкыдан кеп козгоп,
Айтаар сөзүм ушул да.

Долон бийдин бактысы,
Аты уйкаш үч уул бар.
Үч күлүк минип алкынтып,
Үч кушту колдо талпынтып.
Үч жолочу жол кеткен.
Үч ырды тагдыр эстеткен.

Чын төгүнүн карыядан,
Сапар барып сурагам.
Бабалардын тарыхын,
Алыскынын аянын,
Башталмасын эстей кет!
Баян куруп, сөз түзүп,
Башкаларга айта кет!

Агуулдан тарап кетиптир,
Адыгене, тагай, моңоштор,
Ат арыткан боорлоштор,
Кыз да болсо Наалы эже,
Ит агытып, куш салып,

Билгич пенде аталып,
Белди айлана чаптырган,
Бел болуп элин башкарган.
Айдыңдуу ошол Наалыдан,
Арбын-арбын ыр калган,
Ырысын даңктап эженин,
Ырчылар аны мактаган.
Комузчусу ырдап токтолобой,
Кошулма күүсүн чыгарган.
Чоорчулар чоорлордо,
Чогулма күүсүн тараткан.
Шыйкыр конгон эжеге,
Шыктанып ыр арнашкан.

Агуул, Кубул, Кызылуул,
Бир атадан тараган.
Тепчип өтүп кыяны,
Теңир Тоодо жашаган.
Жолдо жортуп куулугу,
Кубул өтө шок болду.
Шок болбосо, жок болду.
Кара мүртөз жайы бар,
Бул баянды айтышкан,
Тээ байыркы карылар,
Сабында чындык бар
Санат сөздү салгандар.
Саймедиреп сөз курайт,
Санжыраны айткандар,
Байыркыдан кеп улап,
Байма-бай сөз чубап.
Токтололу Кубулга,
Кушчу, кытай, саруулар,
Куу атадан тараган,
Баяндарда айтылган.
Чарчабай жолдо сапарлап,
Чабдар атчан чабарман.

Агуул басмырт, төп болгон,
Шоктонбогон, токтолгон,
Аңыз кылып болгондон,
Аңгеме айтам ошондон.

Аркы өтөк жашылданып,
Арт жагында өмүр калып,
Үч бала бар Агуулдан,
Улуу тоого жол улаган.
Адигене, Муңуз, Тагай бар,
Айтылып ушул баяндар,
Жол көрсөткөн өз элине

Жолдош болду Наалы эже,
Кубулдун баянын,
Айтып көрсөк бир далай,
Каратал менен Каранай,

Адигенеден төрт бала,
Муңайбай өмүр өтөгөн,
Муңуштан дагы он бала,
Атак даңкы тараган,
Эң кичүүсү Тагайдан,
Болгон экен төрт бала.
Богорстон, Койлон, Кылжыр,
Карачоро анан да
Жашоого жол арытып,
Ак өмүргө жол тартып,
Жашап түштүк тарапта,
Көл аймактан алыста,
Адигене, Муңуштун,
Өмүр сүргөн тарабы,
Түз жер тоонун аймагы,
Кенен Чүйдүн тарабы.
Тагай бийдин тукуму,
Байгеге ат кошуп,
Атак даңкы угулду,
Айдыңдуу тоолор ажайып,
Ал жерге мал жайып,
Жолдор менен өтүүчү,
Конуп, түнөп жүрүүчү.
Кылымга аты таанылган,
Санжырада айтылган,
Ак баракка жазылган.
Сөздөн-сөзгө тараган.
Кылжырдан эки бала бар,
Бугу менен Сарбагыш,
Алардын да баянын,
Абалкынын аянын,
Аңгеме кылып айтабыз.
Башталмасын ары улап,
Баш аягын тактайбыз.
Эки уул Кылжыр атадан,
Тукум улап тараган,
Орозбакты, Дөөлөсбакты,
Орозбакты көлдү ээлеген,
Ошол жакты жердеген,
«Байыркы баба жери»-деп
Түзөң, тоону мекендеп.
Бүркүт учкан оболоп,
Чоң Кемин менен Көк Ойрок,
Дөөлөсбакты ата жашады,

Жайлап жана кыштады,
Токтоо бербей октос алыш,
Зуулдап учкан заманы.
Кылжырдын аты Сарбагыш,
Мойну ийри, өңү чекир,
Дал ушундай аталыш,
«Кылжыр»– деп аталыптыр
Ушул ат анан калыптыр.

Өргө карай бараткан,
Өмүрүбүз канча ким билет.
Куттуу тилек каалган,
Кудай гана бир билет.
Курап жазган ырымы,
Кудуреттеп сыйладым.
Учуп күйгөн ырыман,
Үнү угулуп ата-бабанын

Эээ.ээй…
Байыркынын жомогу,
Баштаса келеер оролу.

# ТАГАЙ БИЙ

Теңир Тоону жайлаган,
Далай ыр калды Тагайдан.
Жол көрсөтүп бий болуп,
Жорго үстүндө чайпалган.
Жолун калбай арбытып,
Аргымак чуркап өткөндө,
Артынан шаң таралып,
«Эр Тагай бий өттү»– деп,
Элдер калчу каранып,
Богорстон, Койлон, Кылжырдан,
Ар уруулар тараган,
Узун жолду арбытып,
Уулдар чыкты жараган.
Анын тондуу балдары,
Саяк, Азык, Чериктер,
Коңурат менен Чертике,
Жол улаган берендер,
Ырыска салып Теңир Тоону,
Ыр таратып кеткендер.

Атактуу биздин Тагай бий,
Түндүк, түштүк тарапты,
Кыргыз турган аймакты
Бир хандыкка бириктирип,
Манас туусун көтөргөн.
Элдин эрки көкөлөгөн
Моголстан ханы болгон,
Хан Саидге каршы барган,
Аларды жеңип ала алган.
Улуу тоонун арстаны,
Учурунда аты даңкталган..
Ал кезде кыргыз борбору,
Барскон болуп аталган.
Андан кийин күн өтүп,
Алда нечен түн өтүп.
Кыргыздар менен моголдор,
Каршы туруп кармашты.
Моңол ханы хан Саид,
Чоң кошуунду кураган,
Ысык Көлдү жээгинде,
Кан суудай агылган,
Болуп өткөн чоң майдан.
Кыргыз колу аз болуп,
Жеңилип аргасыздан.
Тагай бий колго кармалып,

Кашкарга алып барылган.
Туткун болуп кармалган.
Могол ханы хан Саид,
«Кыргыз оңой эл эмес,
Жок кылуучу мен эмес.
Балее болот башыма,
Асылбайын арстанга,
Жок кылгандан жазганган.
Хан ордоодо аны кармаган

Элге журтка таанылган.
Аралап журттун баардыгын,
Албан ишти аткарган.
Хан ордодо таанылып,
Атагы Моголстанга таралып,
Кыргыз журтун башкарып,
Аты аталып ал жерде,
Кабары кеткен элине
Зулайка кызга үйлөнүп.
Аны менен бирге жашаган,
Аз убакыт өттү арадан.
Ай айланып жыл жылган.

Султан Саид Тагай бийди,
Аргасыздан бошоткон.
Кетееринде сапар алып,
Зулайка менен коштошкон.
Ала жазгы көктөмдө,
Ала Тоого жөнөөрдө,
Аялына кайрылган,
Аманат кебин таштаган:
–Аркалап жүрөөр таалайды
Курсагыңда бала калды.
Төрөлгөн чүрпөң кыз болсо.
Аны өзүң билгиниң.
А эгерим уул болсо,
Ак санаага куш консо,
Карачоро кой деген
Карачоро деген сөз,
Карадан хан болот.
Чоро деген жигит да.
Тагай бий берди кестикти,
Маа көрсөтүп келүүчү,
Уулумдун ушул белгиси.
Жолдошу болуп жанында,
Жолун улап сапарлаар.
Жолунан көргөн баянды,
Жобуратып мага айтаар.
Аман болсо Карачором,

Он экиге толгондо
Кайрат күчтүү болгондо,
Эр Семетей бабасынча,
Турагы түшүп санаасына,
Аттанып чыгаар сапарга
Ала Тоого жол келеер.
Аркалаган кубанычын,
Аңгемелеп айтып береер.
Нени көрсө бу өмүрү,
Жомок болоор өткөнү.

Анан дагы күн өттү,
Ала-сала ай көчтү,
Жылдар жылып жөнөштү.
Төрөлгөн ошол баласы,
Эркек болду кыз болбой,
Энчиге таалай конгондой,
Теңирдин өзү коргоду,
Чынында мындай болорбу,
Оодарылып жыл өтүп,
Ошол бала акыры,
Үмүт басып ортону
Он экиге так толду,
«Атакем кайда энеке?»-деп,
Акмалап сураар кез болду.

Кең Кашкардын калаасында
Калың бакча арасында
Балдар менен жарышып,
Карачоро ойноп жүрдү.
Кээ бир кезде сүйүндү,
Оңдуу жакшы сөз укпай,
Оюу такыр ишке ашпай,
Кээ биринде күйүндү.
Балдар айтты балага:
– Атасы жок баласың,
Талаадагы таштандысың.
Айлар өттү, жыл өттү,
Атаңды качан табасың?

Ага качан барасың?
Хан ордонун баласы эмессиң,
Сен чоочун башка жердерсиң.

Үйгө келип Карачоро,
Үн катпай жатып алды.
Эркелетсе энеси,
Ага көңүл бурбады.
Такыр үнүн салбады.

– Кагылайын береке!
Атам кайда энеке?
Айткының баардыгын.
Андагы болгон иштерди,
Ачыкка гана чыгаргын.

Эне болсо жашырбай,
Кеп салып байма-бай.
– Сенин атаң Тагай бий,
Ала Тоолук жан эле,
Мындан көп жыл илгери,
Өз жерине кетти эле.
Сен курсакта жатканда,
Төрөлө элек чагыңда,
Сага кестик таштаган,
Аманат сөзүн баштаган.
Он экиге толгондо,
Эс акылдуу болгондо,
Бөтөн элге кор болбой,
Бөлөксүнөөр тең болбой,
Ата баба жердеген,
Ала Тоого жибер деген.
Албан-албан ой менен
Акыл айткан кеп менен
Бир кездеги аянды,
Мага ушундай баянды,
«Айткының»-деп тапшырган.
Абалкыны калтырбай,
Аңгемелеп кеп салам.
Аманат сөздү аткарам.

Ошол иш ошол болду,
Ошондой иш болмогу.
Бир күнү бала түш көрдү
Уламалуу ал түштү,
Удаасы менен үч көрдү.
Улуу тоонун асманында,
Шумкарлардын арасында.
Шукшурулуп жүрүптүр,
Ары-бери толгонду,
Ал кубанып ойгонду.
Энесинин жанына,
Карачоро жакын барды.
Эмне көрдү түшүндө,
Эбиреп айта баштады.

– Атаң деген бий болчу,
Ал тегин киши эмес.
Кыргыз деген элиң бар,

Ал жөнөкөй эл эмес.
Көп кылымды арыткан,
Көп тарыхты карыткан,
Далай менен кармашкан.
Кан чыгара тартышкан.
Намыс бербей башкага,
Айбаты күчтүү ааламга,
Аскасы асман тиреген,
Ала Тоо аттуу жериң бар,
Ак калпактуу элиң бар.
Ошол жакта жашаган,
Көп заманды арыткан,
Кылым жашап келаткан
Кыргыз деген элиң бир.
Өксүбөсүн тарыхың
Өчпөй турган демиң бар.

Бала болсо, кеп угуп,
Байыркыдан уланган
Башталманы бүт угуп,
Ушунчалык кубанган.
Аттанмак болду сапарга,
Атаар таңдын алдында,
Арбын иш бар алдыда.
Жолду улап токтобой,
Жолго чыкмак сапарга.

Аманат берген белегин,
Атасы берген кестигин,
Энеси берди балага,
«Ала Тоо жерим сен кайда?»
Даяданып чоң сапарга.
Көрө элек жактарда,
Көөдөндө көп санаа бар.
Аман болсо ал бала,
Анын баарын аткараар.
Алгалап анан канат жаяр

«Тааныш турак кайда?– деп,
Тайгай бийге жетем»,-деп,
Тору атты токуп минип,
Жол менен желдирип,
Жалгыз бала келатты,
Карап коёт тарапты.
Адыр ашат, суу кечет,
Аңыз бойлоп жол келет.
Тору атын теминет.

Тору аты баспады,

Алыс жолдо чарчады.
Кантип жетем элиме,
Ала Тоо деген жергеме.
Карап коёт айлананы,
Бул баспаган тору ат,
Кетирет го айламды.
Өзү болуп торгойдой,
Аты болуп ыргайдай.
Жалгыз бала келатты,
Жабыгып жолун арытты.

Мына ошол мезгилде
Бир кызык иш башталды.
Бала дагы таң калды
Кара тулпар жетелеп,
Балага жакшы тилек тилеп,
Келип калды бир карыя
– Ме минип алгының
Тизгинин берип балага.
Колдоочусу элем атаңын,
Атаң эмес кыргыздын
Алыс жолго чыгыпсың,
Бачым жет туулган жериңе,
Байсалдуу болсун сапарың.
Эмне керек болкп калса,
Жардам тиле кудайдан.
Жалгыз жолго чыктыңбы,
Жардам береер ал саган.
Бараар жериң алыс жак,
Бат бастырып жеткиниң,
Мен дагы сенин өзүңө,
Аянбай жардам беремин.
Сөзү адамга жарыя,
Заматта эле карыя,
Көздөн кайым жоголду.
Кайыппы же сыйкырбы,
Таң калып бала ойлонду.
Кара тулпар укмуш ат,
Капталында канат бар.
Алыс жолго тапталган,
Алкынып турат жаныбар.
Мындай атты көргөн эмес,
Ушундай жылкы болот,-деп
Ал ойлоп койгон эмес.
Минип алып тулпарды,
Алыс жолго аттанды.
Канаттары жазылып,
Асман менен кайкыды.
Улан болсо кубанып,

Улантып келет сапарды.
Адыр ашты, жер басты,
Канчалаган тоо ашты.
Кара тулпар жаныбар,
Чарчаар түрү көрүнбөйт.
«Баскының» – кайраттантып,
Алыста жол бүлбүлдөйт.
Муңдуу чөптүн үстүндө,
Булуттуу көктүн астында,
Сызып барат ал тулпар,
Сыйкырдуу укмуш жаныбар.

Сапар тартып келатты
Бир бала чыкты жолунан.
Арып-ачып ачка болгон,
Аш-тамактын жогунан.
Башынан өтүп көп азап,
Болгон өңдүү селсаяк.
Башынан өткөн окуяны,
Баардыгын тең кабарлады
Карачоро ал баланы,
Ушунчалык аяды.
Кара атка учкашып,
Экөө сапар келатты.
Адыр ашты, бел ашты,
Эчен-эчен жер басты.

Кара тулпар келатты,
Кээде жаят канатын.
Тоону ашат, бел басат
Токтотподу сапарын.
Жол арытып келатып,
Жолукту ага бир бала.
Өңү ушунча чарчаган.
Азыгы да жок калган.
Башынан эмне өткөнүн,
Карачорого кеп салган.
Жээр тамагы жок болуп
Ачка болуп, ток болуп,
Аябай жаны кыйналган.

Үч бала сапар келатты,
Адыр ашты бел басты.
Күркүрөгөн суу кечти,
Ашып өтүп белести.
Үчөө сапар келатса,
Жолукту ага бир бала.
Такыр эле алы жок,
Кан сөлү, дарман жок

Чертип койсо тоголонот.
Таштаса өлүп жок болот.
А береги үч бала,
Ал уланга боору ооруп,
Кошуп алды жанына.
Төрт жолочу биригип,
Бирге чыкты сапарга,
Кара тулпар алдында.

Мына кызык тамаша,
Ошол кезде пайда болду,
А баягы чал кайра.
Жетелеген бир атты,
Балдарга аны карматты.
Капталында, канат бар
Кем эмес кара тулпардан.
Алкынып турат жаныбар.
Эки атты минип алып,
Төрт бала сапар жөнөдү,
Барчу жери алыс жак,
Жонок менен өрдөдү,
Ашып өтүп чоң дөңдү.

Сапар жолду арбытып,
Аттамак чыкты кыядан,
Айланып өтүп аскадан,
Аттарында канат бар
Жол улап келет төрт бала,
Үмүтүм бар төрт гана,
Ачка- токту бүт көрүп,
Арып келет төрт бала.
Кабаландуу күндөргө,
Калып келет төрт бала.

Муңдуу чөптүн үстү менен
Булутту көктүн асты менен
Жолочулар келет сапарлап,
Асман менен баратып,
Алды жакты карашса.
Жайнаган боз үй көрүнөт.
Алкынып келип суу агат.
Адыр түзөң кайкыда,
Ар түркүн мал жайылат.

Балдарга жакындап,
Бүркүт учат куш учат.
Алар менен жарышып,
Төртөө кетип баратат.
Алдыда созулган,

Айыл калат агарган
Агын суу калып алкынган.
Өмүр өтүп жаткандай,
Баарысы калат бүт калат.
А балдар сапар токтобой,
Алар кетип баратат.

Айылга жетеер кезде
Кайып ата пайда болду.
Төрт баланы карап туруп,
Жылмыңдап күлүп койду.
– Өз жер жаңы конушка,
Жеттиңерби балдарым.
Өмүрүңөр бар болсо,
Көрөсүңөр баардыгын.
Аттарды кайра бергиле,
Тайгай бийге баргыла,
Не окуя болгонун,
Баарысын айткыла!
Эки атты жетелеп,
Кайып ата жоголду.
Жуумп көздү ачканча
Ошондой иш болду.
Балдар болсо токтобой,
Түзөң менен арылады.
Ары жакта жайнаган,
Боз үйлөргө бет алды.

***

Төртөө жүрүп отуруп,
Тагай бийге келишти.
Таазим кылып жүгүнө,
Ийлип салам беришти.
Тагай бий тосуп аларды,
Отургузду жанына:
– Кана балдар келиңдер,
Не окуя болгонун
Маа кобурап бериңдер.
Улуу бала кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
– Атым Ырай болуучу,
Түпкү уругум саяк,– дейт,
Атам болгон Байыш,-дейт.
Атам өлүп калган соң,
А дүйнөгө көчкөн соң,
Менин энем Маниса,
Сулуусу эле аялдын,
Жары болду башканын,
Чыгып алды турмушка,

А мен аны жактырбай,
Нааразы болдум ушунча,
Башыма каршы болду өгөй атам,
Каршылашып дүйнөдө кайда батам,
Бараар жакты биле албай,
Сизге келдим сапарлай,
Тагай бий анда ойлонуп,
Ары бери толгонуп,
Мындай деген кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
–Тукуму болот экенсиң,
Саяк журттун алыскы,
Уруусун жойбой баланын,
Каршы болуп өгөй атаң,
Көрбөгөндү көрүпсүң.
Жашоо деген азап болот,
Баарысынан өтүпсүң.

Саяк деп аны атады,
Сапар келген ал бала,
«Саяк» деген атты алды.
Даңктуу уулум болгун,-деп
Ата берди батаны,
Өз ичинен кубана,
Тагай бий сылап сакалды,
Дагы бир уулду болдум,-деп,
Жаны анын жай алды.
–Эми сен бала сүйлө,– деп
Экинчи уулга кайрылды.
Чердейген бала ашыгып,
Чекесин улам кашынып,
Башынан өткөн тарыхты,
Бапылдап айтып кеп салды,
Кеп салганда деп салды:
– Менин атам Домо,-дейт,
Кашкардын жанындагы,
Кара Корун шаарын салган.
Уруусу анын кыпчактан,
Урумга кеткен аталып,
Узун элге кеп болгон,
Кыйла журтка даңкталып
Кылымдык шер болгон.
Атакем эл алдында,
Айдыңы чыгып көгөргөн,
Атамы сарт тукумдар,
Азгырык менен өлтүргөн.
Алтынымдан айрылып,
Ак шумкарым талпынып,
Армowанып шаңшыган.

Тигип койгон терегим,
Күү чыгарып зарланган.
Аянычтуу үнүн угуп,
Асыл жаным азаптанган.
Атакем менин дарыям,
Агыны күчтүү олуям,
Дарыям акпай солуду,
Асылыма не болду.
Канатым кайрылып,
Карааныман айрылып,
Азаптуу күнгө кабылгам,
Атаман кийин мени да,
Өлтүрүүгө камынган.
Түн жамынып билгизбей,
Туугандар мени качырган.
Ал тараптан качпасам,
Айрылмакмын бу баштан.
Ачка болуп калбайын,-деп,
Азык-түлүк артынгам.
Бал үмүттү бириктирип,
Балдар менен тең чыккам.
Ай чыкканын боолголоп,
Ала Тоого жол алдым.
Арманды да кубанычты,
Аркалады бу башым.
Өткөнүн эстеп ал улан,
Ыйлап ийди шолоктоп,
Балким эстеп жаткандыр,
Бала чагын ал жоктоп.
Тагай бий баланын,
Жообун угуп таңданды.
Жаны күйүп аяды.
Жанындагы баланын,
Кара чачын сылады.
Кайгылвнв кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
–Ай, балам ай, балам ай!
Асылым жанды кыйнаба.
Атаңын шейит болгону
А да болсо тагдыр да.
Ким эле алып жүрүптүр,
А дүйнөгө көчүрбөй,
Атакесин өлтүрбөй.
А да болсо жазуу да,
Баарысы тең өтчүдөй,
Ар нерсеге маш балам,
Алтын балам ыйлаба,
Кара башты кыйнаба!
Жаның аман барында,

Жакшы күнүң алдында.
Сени баккан атакең,
Жоо колунан мерт болсо,
Аркалап алыс качканда,
Азыгың жолдо бар болсо.
Кор болуп бир жаның,
Кордукту көрдүң кезинде
Арка кылаар тирегиң,
Атаңы бердиң ээсине.
Ардагыңан айрылып,
Азапты көрдүң жашыңда.
Ак жолго чыгыпсың,
Азыгың болуп жаныңда.
Анда атың «Азык» болсун,
Ак башыңа бакыт консун!
Ар дайыма көөнөрбөс,
Жакшылыкта гүлдөп өс.
Жайлоо болсун конушуң,
Жакшы болсун жолдошуң.
Ала Тоонун койнунда,
Аман-эсен болсун-деп,
Качып келген балама,
Каалар сөзүм ушул да.
Элиң сенин тирегиң,
Кана эмесе оомийин!
Бий сүйлөп токтолду,
Билгизбей көпкө ойлонду.

Үчүнчү бала кеп салды,
Кеп салганда деп салды.
Карачоро анын аты,
Энеси берген кестикти,
Тагай бийге карматты.
Энем мени жөнөткөн,
Ээн тоолор тарапка.
Элиңи тапкын,– деп айтты.
Атаң сенин Ала Тоодо,
Аттангын деди ошого.
Атам жакка ашыгып,
Кестигимди жашырып,
Иликтеп тоолор тарапты,
Издеп келем сиз жакты.
Тагдыр мага айттыбы,
Таалай жолун таптымбы.
Бий алып кестикти,
Кайта-кайта карады.
Кестикти алып эсептеп,
Кеткен жылды санады.
Толкундана тамылжып,

Таалайлуу жылмая,
Таамай айтты буларды:
– Сенин атың Карачором,
Бир кезекте мен койгом.
Уулум келип калабы,-деп
Узун сабак ойлонгом.
Кашгар шаарда болгонума,
Өткөнгө серп салсам,
Oорду менен тактасам.
Он эки жыл оошуптур,
Ошондон бери санасам.
Он эки кыш болуптур,
Он эки жаз оошуптур,
Ошондогу жаш бала,
Он экиге толуптур.
Аманат айткан балама,
Амандаштым кайта да.
Ушул дагы бактымбы,
Бир эмес үч баламды,
Аман-эсен таптымбы.
Бактысы ашкан Тагай бий,
Баарынын өөп бетинен,
Керемет жанган чоң бакыт,
Кетпей турду эсинен.

Төртүнчү бала кеп салды,
Баштан өткөн азабын
Кыскача жай баяндап,
Айтып берди баардыгын.
Ата-энем өлүп калган соң,
Аябай азап тарткамым
Бир өлүмдөн башканы.
Баарысын тең көргөмүн,
Сапар тартып көп жолдон
Көп жолу басып өткөмүн.
Бирөө эле чертип койсо,
Тоголоно кулап кетемин.
Такыр эле алым жок,
Таянычсыз з жашап келемин.

Уурутунан жылмайды,
Тагай бий анда кеп салды:
–Чертип эле койгондо,
Тоголоноор жайың бар.
Ал кетип, азап тартыпсың,
Айланайын каркыбар.
Мен сенин атыңды,
«Чертике» деп атайын,
Өзүңү такыр кор кылбай,

Бала кылып алайын.
Уруубуздун саны көбөйсүн,
Элибиз улам тез өссүн.
Каршы турган жоолорду,
Ылдам эле жоготсун.
Бүткүл элге таанылгын,
Бүт калкыбыз бар болсун.
Ал баланы башынан
Акырын гана сылады.
«Кагылайын берекем»
Жакшы көрүп жыттады,
«Төлгөм төп түштү,
Төртүнчү баламды,
Кудай берип таптымбы».

Дүңгүрөдү эл чакырып,
Энчи берип төртөөнө
«Төрт уулум төрт бутагым,
Ысымымды улаарым».
Үмүт кошуп күчүнө.
Жадырап жарпы жазыла
Тобу менен эл чакырып,
Адамдар такыр көрбөптүр,
Чоң салтанат мындайды.
Жылдыздуу төрт балага,
Төрт күлүктү мингизди.
Атанын ата экенин,
Ошондо бир билинди.
Урумга кетип атагы.
Уулдадан тукум уланды.
Саналуу атын чыгарып,
Санжыранын тарыхы,
Ошолордон куралган.
Бурулгус күндү элестеер
Бу баянды уккан адам.

Баяны бүттү төрт уулдун,
Башка улама башталат.
Көзгө элестеп башка жак,
Ким окуса аа жагат.
Анда эмесе пкугула,
Ата-баба санжырасын,

Көрүнбөс өткөн баяндар,
Көз алдыга жакындасын.
Жаралып башка уламалар,
Убакыт өтүп закымдасын.
***
Тагай бийдин үчүнчү уулу,

Кылжырдан баян баштайбыз.
Оролмо кепти таштайбыз,
Бий жылмайып эркелетип,
Кыңая баскан баласын,
«Кылжырым» деп койчу экен,
Кыйладан калган сөз экен.
Баштагыдан кеп айткан,
Бабадан калган сөз бекен.
Өз аты болгон Мамытбек
Өкүм жана каардуу болгон,
Көзүнөн жалын ойногон.
Ала-сала чаап уруп,
Алышканды койбогон.
Бир көгөрүп алганда,
Беттешкенге тик барган.
Кара аламан алдында,
Каалаганын аткарган.
Эрке эле башынан,
Ээленгенин кылам деп,
Эне, атасын кыйнаган.

Тоодо өскөн караган,
Карагандан тараган,
Анан ошол Кылжырдан,
Эки уруу эл жаралган.
Ошол Кылжыр атадан,
Орозбакты, Дөөлөсбакты,
Абийир топтоп башынан,
Орозбакты акылман,
Оройлонбой жини жок,
Өзүн токтоо кармаган.

Дөөлөсбакты шум болгон,
Митаам анан куу болгон.
Душманга намыз алдырбай,
Айланасы чеп болгон.

Биринчисин бугу дейт,
Көл тарапты мекендейт.
«Көлүбүз көркөм» экен дейт,
Экинчиси Сарбагыш,
Бийик тоолуу жерде дейт,
Нарын тоолор тарапта,
Кара Саз, Долон жакта,
Ал тарапты мекендеген,
Алыскы жерди жердеген,
Бийик тоону аралап,
Ачык жерде сабалап,
Ит агытып, куш салып,

Келатты шаң таратып.

Эээй…
Эзелки баба жомогу,
Эстесе келеер оролу,
Эчен-эчен жыл өттү,
Эстегинин баары өттү.
Эчакынын тарыхын,
Эстебеске чара жок,
Ой, эч деле амал калган жок.

Бугу менен Сарбагыш,
Бир атанын тукуму.
Биригишип бирге өскөн
Бир айгырдын кулуну.
Байыртадан айтылат,
Бабалардын жуп-жубу.
Дөөлөтү тайбай келаткан,
Дөөлөсбакты, Орозбакты,
Бийик тоодо жашаган,
Бир атанын кулуну,
Билимдүү адам аталып,
Биле жүрчү ушуну.
Орозбакты атанын,
Беш уулу болуптур.
Арыкмырза, Мырзакулмырза,
Асан, Кара, Токочмырзалар,
Алыс жакка аттангандар,
Бакыт каалап жалпыга,
Баары бирдей тең мырза.

# Конец ознакомительного фрагмента.

Текст предоставлен ООО «ЛитРес».

Прочитайте эту книгу целиком, купив полную легальную версию на ЛитРес.

Безопасно оплатить книгу можно банковской картой Visa, MasterCard, Maestro, со счета мобильного телефона, с платежного терминала, в салоне МТС или Связной, через PayPal, WebMoney, Яндекс.Деньги, QIWI Кошелек, бонусными картами или другим удобным Вам способом.